КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунун негизинде

УДК: 517.928

АКМАТОВ АБДИЛАЗИЗ АЛИЕВИЧ

Туруктуулук шарты өзгөргөн учурда сингулярдык козголгон теңдеменин чечиминин асимптотикасын баалоо (Туруктуулук шартын аныктоочу өздүк маанилер эселүү болгон учур)

Адистиги 01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчиси: физика-математика илимдеринин доктору, профессор Каримов С.

Ош – 2024

МАЗМУНУ

ШАРТТУУ БЕЛГИЛӨӨЛӨР ЖАНА КЫСКАРТЫП ЖАЗУУЛАР

$\forall$ – каалагандай же ар кандай. Жалпылык квантору.

$\exists$ – жашоо квантору, $\exists x - x$ деген элемент жашайт (табылат, бар).

$\in$ – таандык, тиешелүү, $\notin$ – таандык эмес же тиешелүү эмес.

$\subset$ – камтылат (бир көптүк экинчисине).

$\cup$– биригүү. $\cap$- кесилишүү.

$\vee$ – же, $\wedge$ – жана.

Z , R , C - тиешелүү түрдө бүтүн, чыныгы жана комплекстик сандардын көптүгү.

$\|\bullet\|$ - Чебышевдик норма, үзгүлтүксүз функциялар үчүн, функциянын модулунун максимуму.

O, o - тартип символдору(Ландау).

СККДТТ – сингулярдык козголгон кадимки дифференциалдык теңдемелер теориясы.

ТО – тартылуу областы.

ЧКС – чек аралык катмар сызыгы.

ЧКО – чек аралык катмар областы.

КТ – козголбогон теңдеме.

А - аныктама

Т - теорема.

Н - натыйжа.

Д.- далилдөө.

М- маселе.

КИРИШҮҮ

Диссертациялык теманын актуалдуулугу. Илимдин биология, экология, химия, физика, кванттык механика, суюктуктардын агым теориясы, электромагниттик теория жана башка ушул сыяктуу бөлүмдөрүн изилдөөдө математикалык модел катары “туунду алдында кичине параметрди кармаган кадимки дифференциалдык теңдемелер” алынат.

Сингулярдык козголгон кадимки дифференциалдык теңдемелерди системалуу изилдөө А. Н. Тихонов [69],[70] тарабынан башталган. Ар түрдүү класстагы сингулярдык козголгон маселелерди изилдөө А. Б. Васильева [34-38], Л. С. Понтрягин [63-66], Е. Ф. Мищенко[56], [57]? С. А. Ломов [55], Н. Н. Боголюбов [32], В. Вазов [33], М. И. Иманалиев [40-49], П. С. Панков[62], К. Алымкулов [8-14],[79], [80], К. Касымов [50], С. Каримов [51],[52], К. С. Алыбаев [4-7], Д. А. Турсунов [71],[72], К. Б. Тампагаров [68] жана башка окумуштуулар тарабынан жүргүзүлгөн.

Диссертациялык жумуш туруктуулук шарты алмашкан учурда, сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузууга багытталган. Жумушта кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири изилденет.

Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:

Диссертациялык иш ОшМУнун математикалык анализ кафедрасынын “Инженердик-техникалык жана физикалык маселелерди чечүүдө сингулярдуу козголгон дифференциалдык теңдемелерди колдонуу” (илимий жетекчиси – физика-математика илимдеринин доктору, профессор С. Каримов) илимий-изилдөө темасынын алкагында аткарылган (2020-2021-ж., мамлекеттик каттоосу №0007520, 01.01.2018).

Изилдөөнүн максаты жана маселеси: Жумуштун максаты болуп, сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузуу саналат.

Изилдөөнүн маселеси:

1). Кичине козголуу жок болгон учурда, сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузуу;

2). Кичине козголуу бар болгон учурда, сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузуу.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:

1). Өздүк маанилер эселүү нөлдөргө ээ болбогон учурда, кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири аныкталды, сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасы тургузулду;

2). Өздүк маанилердин эселүү нөлдөрү тегиздикте жаткан учурда, кичине козголуунун таасири аныкталып, сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасы тургузулду;

3). Өздүк маанилердин эселүү нөлдөрү сан огунда жаткан учурда кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири аныкталды.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.

Диссертация теориялык мүнөзгө ээ болуп, алынган жыйынтыктарды козголууларда, термелүүлөрдө, оптикада, электротехникада, радиотехникада, гидродинамикадагы түрдүү абалдагы процесстерди изилдөөдө колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары ошондой эле сингулярдык козголуулар теориясы боюнча магистрлерди жана бакалаврларды даярдоонун атайын курстарында лекцияларды окууда колдонуу сунушталат.

Диссертациянын коргоого алып чыгылуучу негизги жоболору:

-Өздүк маанилердин эселүү нөлдөрү жок болгон учурдагы кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири;

- Өздүк маанилердин эселүү нөлдөрү тегиздикте жаткан учурдагы кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири;

-Өздүк маанилердин эселүү нөлдөрү сан огунда жаткан учурда кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Диссертациядагы бардык илимий жыйынтыктар, авторго таандык. Биргелешкен [10], [11] жана [17] эмгектерде маселени коюу илимий жетекчи С. Каримовго, аны чечүү жыйынтыктарды алуу, теоремаларды далилдөө изденүүчүгө, ал эми жыйынтыктарды талкуулоо жана тариздөө жумуштары А. М. Токторбаев, К.К. Шакиров, Замирбек кызы Наргизага таандык. [5-7], [14], [15] эмгектер кыргыз тилинде жарык көргөн.

Изилдөө натыйжаларын апробациялоо. Жумуштун жыйынтыктары төмөнкү эл аралык жана ата мекендик конференцияларда баяндалган жана талкууланган:

1). Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун түзүлгөндүгүнүн 35 жылдыгына арналган “III Бөрүбаевдик окуулар” эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., КР УИАнын Математика институту, 24-май, 2019-жыл);

2). Академик А.А. Бөрүбаевдин 70 жылдыгына арналган “Азыркы математиканын маселелери” эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., КР УИАнын Математика институту, 5-10-июнь, 2021-ж);

3). Профессор А. К. Керимбековдун 75-жылдык юбилейине арналган IV эл аралык “Оптималдуу башкаруу, динамикалык системалар жана оператордук теңдемелердин актуалдуу маселелери” аттуу коференция (Бишкек ш., КРСУ, 23-25-июнь, 2022-ж);

4). «Математиканын актуалдуу проблемалары жана алардын колдонуштары» аталыштагы К. Алымкулов атындагы регионалдык семинарында (Ош ш., 2020 - 2023-жж);

5). Профессор К. С. Алыбаевдин 70-жылдык юбилейине арналган “Илим жана билим гармониясы – коомду өнүктүрүүчү күчтөрдүн негизи” аталышындагы илимий практикалык конференциясы (Жалал-Абад ш., Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, 29-30-апрель, 2023-ж);

6). Профессор К. Алымкуловдун 80-жылдык юбилейине арналган “Математиканын жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери” аттуу эл аралык илимий конференция (Ош ш.,ОшМУ, 12-13-май, 2023-ж);

7). Академик М. С. Салахитдиновдун 90 – жылдык юбилейине арналган “ Дифференциалдык теңдемелер жана алардын колдонулушунун заманбап маселелери” аттуу эл аралык илимий конференция (Ташкен шаары, Мирзо Улугбек атындагы Өзбек мамлекеттик уриверситети, 23-25 – ноябрь, 2023 – жыл).

Диссертациянын натыйжаларынын басылып чыгарылышы.

Диссертациянын темасы боюнча 16 макала, 1 тезис [16]-[31], [77] басмадан чыгарылган. Анын ичинен 15 макала РИНЦ, бир макала Scopus базасында катталган журналдарга жарыяланган. Жалпы 284 балл топтолгон.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертациялык иш шарттуу белгилөөлөр тизмесинен, киришүүдөн, 10 параграфка бөлүнгөн 4 баптан, корутундудан жана 80 аталыштагы адабияттар тизмесинен турат. Жумуш 102 барак компьютердик тексте баяндалган.

Ар бир баптын ичинде үчтүк номерлөө кабыл алынган. Мисалы, (3.1.1) формула 3 - баптын биринчи параграфынын биринчи формуласы, Т.3.1.1 – теоремасы 3 – баптын биринчи параграфынын биринчи теоремасы. Авторефератта диссертацияда кабыл алынган номерлөө системасы колдонулган жана сакталган.

Параграфтарды номерлөө – экилик, биринчиси баптын номерин, экинчиси параграфтын катар номерин көрсөтөт.

1 БАП. АЛГАЧКЫ ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ СЕРЕП

§1.1. Сингулярдык козголуулар теориясында алынган жыйынтыктарга жалпы сереп

Сингулярдык козголуулар теориясында кездешүүчү кубулуштарга токтололу.

Пределдик өтүүлөр

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = f(x(t,\varepsilon), y(t,\varepsilon), \varepsilon),\ y'(t,\varepsilon) = g(x(t,\varepsilon), y(t,\varepsilon), t), \tag{1.1.1}$$

$$x(t_0,\varepsilon) = x^0,\ y(t_0,\varepsilon) = y^0. \tag{1.1.2}$$

Мында

$$x(t,\varepsilon) = (x_1(t,\varepsilon), x_2(t,\varepsilon),..., x_n(t,\varepsilon)),\ y(t,\varepsilon) = (y_1(t,\varepsilon), y_2(t,\varepsilon),..., y_n(t,\varepsilon)),\ t \in [t_0, T].$$

(1.1.1) теңдемесинен $\varepsilon = 0$ деп алсак:

$$f(u(t), \vartheta(t), t) = 0,\ \vartheta'(t) = g(u(t), \vartheta(t), t). \tag{1.1.3}$$

(1.1.3) системасы (1.1.1) системасына карата козголбогон маселе. (1.1.3) системанын чечимдери $u(t)$, $\vartheta(t)$ (1.1.2) шартын канааттандырбайт.

Негизги маселе болуп (1.1.3) $\wedge$ (1.1.1)-(1.1.2) маселелеринин чечимдеринин асимптотикалык жакындашуусунун көрсөтүү болуп саналат.

Жакындашуунун жетиштүү шарты алгачкы жолу А. Н. Тихонов [69] тарабынан аныкталган. [70] жумуштун негизги жыйынтыгына кыскача токтолобуз.

Шарттардын аткарылуусу божомолдонот:

1). Өзгөрүлмөлөрү (x, y, t) болгон кандайдыр бир ачык E мейкиндигинде $f(x, y, t)$, $g(x, y, t)$ функциялары x жана t өзгөрүлмөлөрү боюнча Липщицтин шартын канааттандырсын.

2). Кандайдыр бир чектелген туюк D аймагында $f(u(t),\vartheta(t),t)=0$ теңдемеси $u(t)$ карата $(\vartheta(t),t)$ өзгөрүлмөлөр мейкиндигине карата $u(t)=\phi(\vartheta(t),t)$ тамырына ээ болуп, кийинки шарттарды канааттандырсын.

2.1). $\phi(\vartheta(t),t)\in C(D)$.

2.2). $(\vartheta(t),t)\in D$, анда $(\phi(\vartheta(t),t),\vartheta(t),t)\in E$.

2.3). D аймагында $u(t)=\phi(\vartheta(t),t)$ тамыры изоляцияланган. Бул деген соз кандайдыр бир $\delta>0$ жашап жана $0<\|u(t)-\phi(\vartheta(t),t)\|<\delta,\ (\vartheta(t),t)\in D$ болгондо $f(u(t),\vartheta(t),t)\neq 0$.

2.4). Козголбогон $\vartheta'(t)=g(u(t),\vartheta(t),t)$ системасы $\vartheta(t_0)=y^0$ баштапкы шартын менен берилип, жалгыз гана $\vartheta(t)$ чечимине $t_0\le t\le T$ кесиндисинде ээ болот. Бул жерде өзгөрүлмөлөр $t\in[t_0,T]$ болгондо $(\vartheta(t),t)\in D_0$. Мында D_0 аймагы D аймагынын ички чекиттеринин көптүгү болушат.

3). Чектелген туюк D аймагында $g((\vartheta(t),t),\vartheta(t),t)$ функциясы $\vartheta(t)$ өзгөрүлмөсү боюнча Липщицтин шартын канааттанысдарат.

$$\frac{d\xi(\tau)}{d\tau}=f(\xi(\tau),\vartheta,t),\ (\tau\ge 0), \tag{1.1.4}$$

системасы А. Н. Тихоновдун терминологиясы боюнча бириктирилген система деп аталат. ϑ жана t параметр катары кабылданат.

2.3 шартынын негизинде $\xi(\tau)=\phi(\vartheta,t)$, $(\vartheta,t)\in D$ болгон учурда (1.1.4) системасынын изоляцияланган тыныгуу чекити болуп саналат.

4). (1.1.4) системанын $\xi(\tau)=\phi(\vartheta,t)$ тыныгуу чекити $(\vartheta,t)\in D$ карата Ляпунов боюнча бир калыпта туруктуу болот.

Бул шарттын аткарылуусу менен $\xi(\tau)=\phi(\vartheta,t)$ тамыры D аймагы боюнча туруктуу деп аталат.

$$\vartheta = y^0,\ t = t_0. \tag{1.1.5}$$

$$\frac{d\xi(\tau)}{d\tau} = f\left(\xi(\tau), y^0, t_0\right), \qquad \tau \in R_+ \tag{1.1.6}$$

$$\xi(t_0) = x^0, \tag{1.1.7}$$

менен карайбыз.

Эгерде баштапкы шарт x^0 тыныгуу чекити $\phi(y^0, t_0)$ жакын болбосо, анда $\xi(\tau)$ чечими $\phi(y^0, t_0)$ тыныгуу чектитине $\tau \to \infty$ умтулат.

Шарт канааттандырылуусун талап кылалы.

5). (1.1.6)-(1.1.7) маселелеринин чечими $\xi(\tau)$ төмөнкү шарттарды канааттандырсын

5.1) $\tau \to \infty$ умтулса $\xi(\tau) \to \phi(y^0, t_0)$.

5.2) $\tau \ge 0$ болсо, чекиттер $\left(\xi(\tau), y^0, t_0\right) \in E$.

Теорема 1.1.1 (Тихонов теоремасы) Эгерде 1-5 шарттары аткарылса, анда $\varepsilon_0 > 0$ турактуу саны жашап, $0 < \varepsilon \le \varepsilon_0$ болгондо (1.1.1)-(1.1.2) маселелеринин $t_0 \le t \le T$ кесиндисинде $x(t,\varepsilon), y(t,\varepsilon)$ жалгыз чечимдери жашайт. Ал чечимдер

$$\lim_{\varepsilon \to 0} x(t,\varepsilon) = u(t), \quad t_0 < t \le T, \tag{1.1.8}$$

$$\lim_{\varepsilon \to 0} y(t,\varepsilon) = \vartheta(t),\ t_0 \le t \le T, \tag{1.1.9}$$

пределдик өтүүнү канаатандырат.

(1.1.8) пределдик өтүүсү $[t_0, T]$ кесиндисинде бир калыпта эмес болот. Теорема 1.1.1 көрүнгөндөй $t_0 < t \le T$ кесиндисинде $\vartheta(t)$ функциясын $y(t,\varepsilon)$ чечиминин бир калыптагы асимптотикалык жакындашуусу катары кароого болот. Эгерде $u(t)$ функциясын карасак, анда $t = t_0$ чекитинде функция $x(t,\varepsilon)$ чечиминен $x^0 - u(t_0)$ чоңдугуна айырмаланат. Демек, $t = t_0$ чекитинин кандайдыр бир чекебелинде $u(t)$ функциясы $x(t,\varepsilon)$ чечиминин жакындашуусу боло албайт. Бул $t=t_0$ чекитинин кичинекей чекебели чек аралык катмардын аралыгы деп аталат.

СККДТТ кийинки алгылыктуу кадам болуп, $[t_0,T]$ кесиндисинде $y(t,\varepsilon)$ чечими, ошондой эле $x(t,\varepsilon)$ чечими үчүн каалаган тактыктагы асимптотикалык жакындашууну алуу болуп саналат.

Ушул жана башка суроолорго жооп А. Б. Васильеванын жана анын окуучулары [34-38] эмгектеринде келтирилген.

Бир калыптагы асимтотикалык жакындашууну $y(t,\varepsilon), x(t,\varepsilon)$ чечимдери үчүн алууда Тихонов теоремасына коюлган 1,4 шарттар күчөтүлүп, ал эми 2,3,5 шарттар өзгөрүүсүз калтырылат.

Ал өзгөрүүлөрдү жазып алалы.

1). Ачык E аймагында $f(x,y,t)$ жана $g(x,y,t)$ функциялары чексиз дифференцирленүүчү болушсун.

$\lambda_j(t)$ - матрица функциянын өздүк мааниси болсун.

$$A(t)\equiv f_x(\phi(\vartheta,t),\vartheta,t)=\left(\frac{\partial f^i}{\partial x_j}\right)_{u=\phi(\vartheta,t)},$$

мында $u(t),\vartheta(t)$, $j\in N$ козголбогон маселенин чечими.

$$0=f(u(t),\vartheta(t),t),\ \frac{d\vartheta(t)}{dt}=g(u(t),\vartheta(t),t),\ \vartheta(t_0)=y^0.$$

4). $\operatorname{Re}\lambda_j(t)<0$ эгерде $t_0\le t\le T$, $j\in N$ (1.1.10)

(1.1.10) туруктуулук шарты деп аталат. (1.1.1)-(1.1.2) нин асимототикалык ажыралмасы

$$x(t,\varepsilon)=\bar{x}(t,\varepsilon)+\Pi x(t,\varepsilon),\ y(t,\varepsilon)=\bar{y}(t,\varepsilon)+\Pi y(t,\varepsilon),\ \tau=\frac{t-t_0}{\varepsilon}.$$

$\bar{x}(t,\varepsilon), \bar{y}(t,\varepsilon), \Pi x(t,\varepsilon), \Pi y(t,\varepsilon)$ функциясы тиешелүү болгон алгоритмдин негизинде аныкталат. $\Pi x(t,\varepsilon)$, $\Pi y(t,\varepsilon)$ функциялары чек аралык катмар функцилары болуп, t_0 чекитинин кичинекей чекебелинде гана мааниге ээ. Чекебелден алыстагандан кийин экспонента боюнча кемип кетет.

Теорема 1.1.2 (Васильева теоремасы) 1-5 шарттары аткарылсын. Анда $\varepsilon_0 > 0$ жана $C_n > 0$ турактуулары табылып, (1.1.1),(1.1.2) маселелеринин $x(t,\varepsilon), y(t,\varepsilon)$ чечимдери $t_0 \le t \le T$ кесиндисинде жашап жана жалгыз болуп, $0 < \varepsilon \le \varepsilon_0$ болгондо төмөнкү барабарсыздыктарды канааттандырат

$$\|x(t,\varepsilon) - X_n(t,\varepsilon)\| \le C_n \varepsilon^{n+1},$$

$$\|y(t,\varepsilon) - Y_n(t,\varepsilon)\| \le C_n \varepsilon^{n+1},$$

баалоосу $t_0 \le t \le T$ аралыгында орун алат.

$$X_n(t,\varepsilon) = \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k \left[\bar{x}_k(\tau) + \Pi_k(\tau)\right], \; Y_n(t,\varepsilon) = \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k \left[\bar{y}_k(t) + \Pi_k(\tau)\right],$$

болот.

Сингулярдык козголууга ээ болгон интегро-дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикалык ажыралмалары М. И. Иманалиевдин эмгектеринде [40-49] кенири каралып изилденген.

Чечимдердин асимптотикалык ажыралмаларын табуу үчүн формалдуу болбогон ыңгайлуу алгоритмди колдонгон. Ал алгоритм азыркы мезгилде сингулярдуу козголууга ээ болгон кадимки дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикалык ажыралмаларын тургузууда кенири колдонулууда. Бул багыттагы аткарылган жумуштар [67],[75], [76] жумуштарда баяндалган.

Тез кыймылга келүүчү системаны

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = f(x(t,\varepsilon), y(t,\varepsilon)). \tag{1.1.11}$$

Бул системанын чечимдеринин өзгөрүүсүн Л. С. Понтрягин караган. Чечимдерди изилдөө идеясы ага таандык.

$$x = \phi(y), \tag{1.1.12}$$

системанын кандайдыр бир тең салмактуулук абалы болсун.

(1.1.12) барабардыгын (1.1.3) системасына коюу менен

$$y'(t) = g(\phi(y(t), y(t)), \tag{1.1.13}$$

(1.1.13) чечими

$$y = \psi(t). \tag{1.1.14}$$

$-\alpha \le t < 0$ аралыгында (1.1.14) аныкталып, системанын тең салмактуулук абалы экспоненталык туруктуу болот, ал эми $t = 0$ болгондо тен салмактуулук жоюлат.

(1.1.11) системасы өзүнүн ар бир стационардык чечимдерине тең салмактуулук абалында гана жетишет. $\varepsilon x' = f(x, y_1)$ системасы туруктуу тең салмактуулук абалына ээ болсо, анда x чекити (1.1.11) эрежеси боюнча кыймылга келип, алардын бироосуно жетет.

Тез жана акырын болгон кыймылдардын кезектешүүсүнөн туюк траектория пайда болот. Системанын дал келүүчү мезгилдүү чечими релаксациялык термелүү болуп, [73-76], [53] жумуштарда баяндалган.

§1.2. Каралуучу эмгекке жакын натыйжалар

СККДТТ да кездешүүчү кубулуштарга токтололу:

1). СККДТТ кездешүүчү туруктуулук шартынын жоюлуусунун тартылуу кубулушу. Өткөн кылымдын 70 жылдары Л.С. Понтрягин тарабынан тартылуу кубулушу аныкталган. Аны Л.С. Погтрягиндин жетекчилиги астында М. А. Шишкова [74] тарабынан аткарылган. Жумушта экинчи тартиптеги сингулярдык козголууга ээ болгон кадимки дифференциалдык теңдемелер

$$\varepsilon z_1'(t,\varepsilon) = tz_1(t,\varepsilon) - z_2(t,\varepsilon) + \varepsilon + \gamma z_1(t,\varepsilon)(z_1^2(t,\varepsilon) + z_2^2(t,\varepsilon)),$$

$$\varepsilon z_2'(t,\varepsilon) = z_1(t,\varepsilon) + tz_2(t,\varepsilon) + \gamma z_2(t,\varepsilon)(z_1^2(t,\varepsilon) + z_2^2(t,\varepsilon)), \qquad (1.2.1)$$

каралган. Мында $t \in [-1;1]$, γ-кандайдыр бир туралтуу сан.

(1.2.1) системасынын бириктирилген системасы

$$y_1'(\tau) = ty_1(\tau) - y_2(\tau) + y_1(\tau)(y_1^2(\tau) + y_2^2(\tau)),$$

$$y_2'(\tau) = y_1(\tau) + ty_2(\tau) + y_2(\tau)(y_1^2(\tau) + y_2^2(\tau)). \qquad (1.2.2)$$

(1.2.2) системасы $y_1(\tau) = 0,\ y_2(\tau) = 0$, тынытуу чекитине ээ болот. Тынытуу чекиттери $t < 0$ болсо туруктуу, $t > 0$ болсо туруксуз. Ошондой эле $t = 0$ чекитинен өткөндө системанын тынытуу чекити бузулат.

(1.2.1) системасына

$$z_1(-1,\varepsilon) = O(\varepsilon),\ z_2(-1,\varepsilon) = O(\varepsilon), \qquad (1.2.3)$$

баштапкы шартын коюлат.

(1.2.1) өзгөртүп түзөбүз

$$\varepsilon\vartheta'(t,\varepsilon) = (t+i)\vartheta(t,\varepsilon) + \varepsilon + \gamma\vartheta^2(t,\varepsilon)w(t,\varepsilon),$$

$$\varepsilon w'(t,\varepsilon) = (t-i)w(t,\varepsilon) + \varepsilon + \gamma w^2(t,\varepsilon)\vartheta(t,\varepsilon), \qquad (1.2.4)$$

мында $\vartheta = z_1 + iz_2$, $w = z_1 - iz_2$.

(1.2.3) баштапкы шарты (1.2.4) системасы үчүн

$$|\vartheta(-1,\varepsilon)| = O(\varepsilon),\ |w(-1.\varepsilon)| = O(\varepsilon). \qquad (1.2.5)$$

(1.2.4) системасы (1.2.5) баштапкы шарты менен $(K) \subset C$ квадратында изилденет. Квадраттын чокулары $(-1;0),(0;1);(1;0);(0;-1)$. (K) квадраты чыныгы окто $[-1;1]$ кесиндисин кармайт.

(1.2.4)-(1.2.5) интегралдык теңдеме менен алмаштырып, ага удаалаш жакындашуу усулун колдонуп (1.2.1), (1.2.3) чечимдери үчүн

$$\|z(t,\varepsilon)\| \le Cw_0(\varepsilon)\,. \qquad (1.2.6)$$

мында $w_0(\varepsilon) = \begin{cases} \varepsilon, & -1 \le t \le q \\ \sqrt{\varepsilon}, & 1-q \le t \le 1 \end{cases}$, $1-q$ оң ε көз каранды болбогон жетишээрлик кичине сан, $0 < C_0 - const$, $z(t,\varepsilon) = colon(z_1(t,\varepsilon), z_2(t,\varepsilon))$.

[74] жумуш ушул багыттагы жумуштардын өнүгүүсүн шарттаган. С.К. Каримовдун [51] эмгеги ушул багыттагы жумуштун алгачкылары болуп саналат. Анда

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = A(t)z(t,\varepsilon) + \varepsilon\phi(t) + f(t, z(t,\varepsilon))\,, \qquad (1.2.7)$$

$$\|z(t_0,\varepsilon)\| = O(\varepsilon)\,. \qquad (1.2.8)$$

каралган. Мында $z(t,\varepsilon) = colon(z_1(t,\varepsilon), z_2(t,\varepsilon))$, $A(t)$-экинчи тартиптеги квадраттык матрица, ал эми $\phi(t),\ f(t,z(t,\varepsilon))$-өзүнүн өзгөрүлмөлөрү боюнча аналитикалык функция. Ошондой эле $\|f(t,z)\| = O(\|z\|^2)$. Жумушта (1.2.7)-(1.28) чечими туруктуулуктун тартылуусу болгон учурда системалуу түрдө изилденген.

Г.М. Анарбаеванын [15] караган жумушунда $A(t)$ матрица-функция $\lambda_{1,2}(t) = (t+ib)^n$, мында $n \in N$, көрүнүшүндөгү өздүк маанилерге ээ болгон учур каралган. Жумуштагы негизги өзгөчөлүк болуп, маселенин чечими каралуучу $[-t_0, t_0] \in R$ кесиндисинде $\operatorname{Re}\lambda_{1,2}(t)$ өзүнүн маанисин туруктуудан туруксузга өзгөртүүчү бир канча кесиндилерден турат.

А. И. Нейшдаттын [60],[61] жасаган жумуштары тез жана акырын кыймылга келүүчү өзгөрүлмөлөрдү камтыган автономдуу системаларды изилдөөгө арналган. Системаларды изилдөөдө баштапкы шарттар коюлуп, матрица-функция ар түрдүү өздүк маанилерге ээ болгон учурлар каралган. Ал өздүк маанилердин бирөөсү комплекстик түйүндөш болуп, акырын кыймылга келүүчү өзгөрүлмөлөрдүн мейкиндигиде жорума окту нөлдүк ылдамдык менен кесет. Тактап айтканда бул учурда коплекстик түйүндөш өздүк маанинин чыныгы бөлүгү нөлгө барабар болуп, жорума бөлүгү нөлдөн айырмалуу болот. Ал эми калган өздүк маанилердин чыныгы бөлүктөрү терс болот. Тактап айтканда бул учурда тең салмактуулук абалынан четтеген учурда үзүлүү болору далилденген.

Алыбаев К.С [4] караган учурда бириктирилген система чыныгы октун кандайдыр бир кесиндисинде туруктуулук шартын жоготкон учурда чечимди изилдөөчү усулдарды иштеп чыгууга арналган. Жыйынтыгында сингулярдык козголгон кадимки дифференциалдык теңдемелердин чечиминин изилдөөдөгү эң бир уникалдуу метод иштелип чыккан. Метод деңгээл сызыктар методу деп аталып, козголууга ээ болгон маселелердин чечимин изилдөөдө аныктоочу критерий болуп саналат.

Д.А. Турсуновдун эмгегинде [72] кандайдыр бир класстагы сингулярдык козголгон кадимки дифференциалдык теңдемелердин чечимин туруктуулуктун тартылуусу оң жактан чексизге дейре узартылган учурда деңгээл сызыктар методун [3] колдонуу менен изилдеген. Ошону менен бирге [72] эмгекте стационардык фаза методун иштеп чыккан.

М. А. Азимбаевдин [3] жумуштары сингулярдык козголгон кадимки дифференциалдык теңдемелердин чечимдерин изилдөөдө матрица функциянын өздүк маанилери мезгилдүү функциялар болуп, ал эми өздүк маанилердин чыныгы бөлүгү $[t_0, T]$ кесиндисинде өзүнүн белгисин терстен оңго өзгөртөт. Бул учурда аймак чектелбеген болот. Каралган учурларда туруктуулуктун тартылуусу кубулушу орун алары далилденген.

А. А. Абдилазизованын эмгегинде [1] өздүк маанилер мезгилдүү функциялар болушуп, сызыктуу эмес дифференциалдык теңдемелердин чечимдери изилденген. Бул учурда да аймак чектелбеген болот.

2). Жоюлуучу чек аралык катмар кубулушу. Сызыктуу теңдемелер үчүн жоюлуучу чек аралык катмардын жашашы [59] жумушта каралып далилденген.

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = a(t)x(t,\varepsilon) + \varepsilon f(t), \qquad (1.2.9)$$

$$x(t_0,\varepsilon) = x^0, \qquad (1.2.10)$$

каралган. Мында $a(t) = t + i,\ t_0 = -1,\ x^0 - const,\ t \in H$ -аймагы квадрат. Бул учурда $t \in R$ үчүн $[-1;0)$ аралыгы туруктуу, ал эми $(0,1]$ аралыгы туруксуз болот. (1.2.9)-(1.2.10) маселе каралган [59] жумушта $\{C_0\}$ деңгээл сызыгын бойлото кеткен аймак жоюлуучу чек аралык катмар деп аталган.

3). Жалпыланган чек аралык функция методу жана бисингулярдуу теңдеме. Экспоненталдык асимптотикалык туруктуулук бузулган учурда чек аралык катмар методун колдонуу К. Алымкулов [8-14] тарабынан изилденген.

Жалпыланган чек аралык катмар методу бисингулярдык маселелер үчүн [13] жумушта баяндалган. Жумуштан мисал келтирели.

$$\varepsilon y'(t,\varepsilon) = -ty(t,\varepsilon) + f(t),\ t \in R_+, \qquad (1.2.11)$$

$$y(0,\varepsilon) = y^0, \qquad (1.2.12)$$

мында $f(t) \in C^\infty(R_+),\ f(t) = \sum_{k=0}^{\infty} f_k t^k,\ \ f_0 \neq 0,\ \ y^0 - const$.

$t = 0$ болсо, асимптотикалык туруктуулук бузулат.

(1.2.11)-(1.2.12) дал келүүчү козголбогон же пределдик теңдеме

$$-t\bar{y}(t) + f(t) = 0,$$

$$\bar{y}(t) = \frac{f(t)}{t}. \qquad (1.2.13)$$

(1.2.13) чечими $t = 0$ чекитинде өзгөчөлүккө ээ, т. а. чечим аралыктын башталышында жылмакай эмес.

4).Чек аралык катмарлардагы чек аралык ийрилер. Бир тектүү сингулярдык козголууга ээ болгон [68]

$$\varepsilon z'(t,\varepsilon) = a(t)z(t,\varepsilon), \tag{1.2.14}$$

$$z(t_0,\varepsilon) = z^0, \tag{1.2.15}$$

масале каралган. Мында $t \in R$, z^0 -турактуу сан, $z(t,\varepsilon)$ -изделүүчү функция. (1.2.14)-(1.2.15) чечими

$$z(t_1,t_2,\varepsilon) = z^0 \exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t_1+it_2} a(s)ds\right),\ t_1,t_2 \in \Omega. \tag{1.2.16}$$

Регулярдык жана сингулярдык аймактарды аныктоо жана чек аралык ийрилерди эсептөөдө (1.2.16) барабардыгы үчүн асимптотикалык ылдамдык функциясын пайдалануу жетиштүү болору көрсөтүлгөн.

А.Б. Мурзабаеванын эмгегинде козголгон теңдеме эки же төрт чечимдерге ээ болгон учурлар изилденген [58]. Негизги көптүк, негизги функция, негизги вектор функция, тартылуу көптүктөрү сыяктуу түшүнүктөрүн киргизген жана аймактарды бөлүштүрүү усулун иштеп чыккан.

5). Изилдөө жүргүзүүнүн кыскача резюмеси. Аткарылган жумуштарды анализдөө менен ушул багыттагы жумушту матрица-функциянын эселүү өздүк маанилеринин өзгөчө чекиттери тегиздикте, чыныгы окто жаткан учурларда кичине козголуунун туруктуулуктун узатылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөө менен улантуу актуалдуу маселе экендиги көрүнүп турат.

1 - бап боюнча корутунду

Бапта пределдик өтүүлөр боюнча аткарылган жумуштар тизмектелген. Мисалы сингулярдык козголууга ээ болгон дифференциалдык теңдемелерде кездешүүчү кубулуштар, релаксациялык термелүүлөр, кичине параметр боюнча сингулярдык козголууга ээ болгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикалык ажыралмалары.

Тихонов теоремасынын шарттары бузулган учурда тактап айтканда, тез өзгөрүлмө боюнча экспоненталык асимптотикалык туруктуулук шарты бузулган учурда бисингулярдык теңдемелер үчүн чек аралык функция методунун жалпыланышы боюнча маалымат берилген. Гармоникалык функциялардын касиеттери боюнча да маалымат келтирилген.

Чек аралык катмарда чечимдин өзгөрүүсүн изилдөө үчүн чек аралык ийрилер боюнча аткарылган жумуштун жыйынтыктары жана методдору келтирилген.

Натыйжада матрица-функциянын өздүк маанилери эселүү комплекстүү, чыныгы жана комплекстүү түйүндөш болгон учурларда кичине козголуунун туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөө актуалдуу экендиги келип чыгат.

2 БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЬЕКТИЛЕРИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

§ 2.1. Изилдөөнүн объектилери жана предмети

Жалпысынан алганда диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп, сингулярдык козголгон маселелер саналат.

Үчүнчү баптын изилдөө объектиси болуп, матрица-функция бир эселүү чыныгы жана комплекстүү өздүк маанилерге ээ болгон учурларда сингулярдык козголгон маселенин чечимин изилдөө болуп саналат.

§3.1 параграфынын изилдөө объектиси

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = \lambda(t)x(t,\varepsilon) + \varepsilon\left[h(t) + f(t, x(t,\varepsilon))\right], \qquad (2.1.1)$$

$$x(t_0,\varepsilon) = x^0(\varepsilon), \ \left|x^0(\varepsilon)\right| = O(\varepsilon). \qquad (2.1.2)$$

Мында $0 < \varepsilon << 1$ - кичине параметр, $\left[-t_0, t_0\right]$ - чыныгы октогу кесинди, $x(t,\varepsilon)$ - изделүүчү белгисиз функция.

§3.2 параграфынын изилдөө объектиси болуп, (2.1.1)-(2.1.2) маселесинин чечимин кичине козголуу жок болгондо, өздүк маани нөлдөргө ээ болбогон, нөлдөрү тегиздикте жана сан огунда жаткан учурларда изилдөө.

§3.3 параграфынын изилдөө объектиси болуп, (2.1.1)-(2.1.2) маселесин кичине козголуу бар болгон учурда, өздүк маанинин нөлдөрү тегиздикте жана сан огунда жаткан учурларда изилдөө.

Төртүнчү баптын изилдөө объектиси болуп, матрица-функция эки эселүү чыныгы жана комплекстүү, комплекстүү түйүндөш өздүк маанилерге ээ болгон учурлардагы сингулярдык козголгон маселе саналат.

§4.1 параграфынын изилдөө объектиси[39]

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = D(t)x(t,\varepsilon) + \varepsilon\left[h(t) + f(t, x(t,\varepsilon))\right], \qquad (2.1.3)$$

$$x(-t_0,\varepsilon) = x^0(\varepsilon), \ \left\|x^0(\varepsilon)\right\| = O(\varepsilon). \qquad (2.1.4)$$

мында $0 < \varepsilon << 1$ - кичине параметр, $\left[-t_0, t_0\right]$ - чыныгы октогу кесинди, $x(t,\varepsilon)$ - изделүүчү белгисиз функция жана $x(t,\varepsilon) = colon\left(x_1(t,\varepsilon), x_2(t,\varepsilon)\right)$, $h(t) = colon(h_1(t),$

$h_2(t))$, $x(t_0,\varepsilon)=colon(x_1^0(\varepsilon),x_2^0(\varepsilon))$, $D(t)=\begin{pmatrix}\lambda(t) & 0\\ 0 & \lambda(t)\end{pmatrix}$,

$f(t,x)=colon\big(f_1(t,x_1,x_2),\,f_2(t,x_1,x_2)\big)$.

(2.1.3)-(2.1.4) маселесин эки эселүү өздүк маанинин нөлдөрү тегиздикте жаткан учурда кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөө.

§4.2 параграфынын изилдөө объектиси болуп, (2.1.3)-(2.1.4) маселесин эки эселүү өздүк маанинин нөлдөрү сан огунда жаткан учурда, кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөө.

§4.3 параграфынын изилдөө объектиси

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon)=K(t)x(t,\varepsilon)+\varepsilon[h(t)+f(t,x(t,\varepsilon))],\tag{2.1.5}$$

$$x(-t_0,\varepsilon)=x^0(\varepsilon),\ \|x^0(\varepsilon)\|=O(\varepsilon).\tag{2.1.6}$$

Мында $0<\varepsilon<<1$ - кичине параметр, $[-t_0,t_0]$ - чыныгы октогу кесинди, $x(t,\varepsilon)$ - изделүүчү белгисиз функция жана $x(t,\varepsilon)=colon(x_1(t,\varepsilon),x_2(t,\varepsilon))$, $h(t)=colon(1,\ 1)$, $x(t_0,\varepsilon)=colon(x_1^0(\varepsilon),x_2^0(\varepsilon))$, $f(t,x)=colon\big(f_1(t,x_1,x_2),\,f_2(t,x_1,x_2)\big)$, $K(t)=\begin{pmatrix}\lambda_1(t) & 0\\ 0 & \lambda_2(t)\end{pmatrix}$.

Өздүк маанилердин нөлдөрү тегиздикте жаткан учурда, кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөө.

Изилдөөнүн предмети болуп:

Кичине козголуунун өздүк маанилер эселүү нөлдөргө ээ болбогон учурдагы, туруктуулуктун узартылышкубулушуна тийгизген таасирин аныктоо;

Кичине козголуунун өздүк маанилердин нөлдөрү тегиздикте жаткан учурдагы чечимдин туруктуулугунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин аныктоо;

Кичине козголуунун өздүк маанилердин нөлдөрү сан огунда жаткан учурда, кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин аныктоо

Сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузуу.

§ 2.2. Изилдөө методдору

Жумушта асимптотикалык, удаалаш жакындашуулар, математикалык индукция, карама каршысынан далилдөө методдору колдонулган.

Изилдөө объектилери болгон маселелер интегралдык теңдеме жана теңдемелер системасына келтирилет.

1). (2.1.1)-(2.1.2) маселесин интегралдык теңдеме менен алмаштырабыз:

$$x(t,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}\lambda(s)ds\right) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot\left[h(\tau) + f(\tau, x(\tau,\varepsilon))\right]d\tau .$$

Алынган маселени **удаалаш жакындашуу методу** менен чечебиз:

$$x_0(t,\varepsilon) \equiv 0 ,$$

$$x_1(t,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}\lambda(s)ds\right) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot h(\tau)d\tau ,$$

$$x_n(t,\varepsilon) = x_1(t,\varepsilon) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot f(\tau, x_{n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau .$$

мында $n \in N$.

Баалоонун туура экендигин **математикалык индукция методу** менен далилдейбиз:

$$|x_n(t,\varepsilon)| \le C\delta(\varepsilon) + (C\delta(\varepsilon))^2 + (C\delta(\varepsilon))^3 + \ldots + (C\delta(\varepsilon))^n .$$

$n+1$ үчүн туура экендигин далилдейли. Анда

$$x_{n+1}(t,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}\lambda(s)ds\right) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot[h(\tau) + f(\tau, x_n(\tau,\varepsilon))]d\tau ,$$

$\vee$

$$|x_{n+1}(t,\varepsilon)| \le C\delta(\varepsilon) + (C\delta(\varepsilon))^2 + (C\delta(\varepsilon))^3 + \ldots + (C\delta(\varepsilon))^{n+1}.$$

Удаалаш жакындашуулар бир калыпта чектелген б.а.

$$\forall n \in N : |x_n(t,\varepsilon)| \le C\delta(\varepsilon) .$$

Чечимдин жалгыздыгы **карама каршысынан далилдөө методу** менен далилденет. Интегралдык теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ башка $y(t,\varepsilon)$ чечими жашасын:

$$y(t,\varepsilon) : y(t,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}\lambda(s)ds\right) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot[h(\tau) + f(\tau, y(\tau,\varepsilon))]d\tau .$$

$$x_n(t,\varepsilon) - y(t,\varepsilon) = \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)[f(\tau, x_{n-1}(\tau,\varepsilon) - f(\tau, y(\tau,\varepsilon)]d\tau ,$$

мында $x_n(t,\varepsilon) = x_1(t,\varepsilon) + \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)f(\tau, x_{n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau .$

Анда

$$|x_1(t,\varepsilon) - y(t,\varepsilon)| \le \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\mathrm{Re}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot|x_0(\tau,\varepsilon) - y(\tau,\varepsilon)|d\tau \le C\delta(\varepsilon) ,$$

$$|x_2(t,\varepsilon) - y(t,\varepsilon)| \le \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\mathrm{Re}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot|x_1(\tau,\varepsilon) - y(\tau,\varepsilon)|d\tau \le (C\delta(\varepsilon))^2 ,$$

$$|x_n(t,\varepsilon) - y(t,\varepsilon)| \le \int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\mathrm{Re}\int_{\tau}^{t}\lambda(s)ds\right)\cdot|x_{n-1}(\tau,\varepsilon) - y(\tau,\varepsilon)|d\tau \le (C\delta(\varepsilon))^{n-1} .$$

Демек, $\forall n \in N \;\; H_0$ областында

$$\lim_{n\to\infty}\left(C\delta(\varepsilon)\right)=0\,.$$

Анда $n\to\infty \Rightarrow \ \left|x(t,\varepsilon)-y(t,\varepsilon)\right|\le 0\,.\ \therefore,\ x(t,\varepsilon)=y(t,\varepsilon)\,.$

2). (2.1.3)-(2.1.4) маселесин интегралдык теңдеме менен алмаштырабыз:

$$x(t,\varepsilon)=x^{0}(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{t_0}^{t}D(s)ds\right)+\int_{t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}D(s)ds\right)\cdot\left[h(\tau)+f(\tau,x(\tau,\varepsilon))\right]d\tau\ .$$

3). (2.1.5)-(2.1.6) маселесинин чечимин кичине козголуу жок болгон учурда жазып:

$$x(t,\varepsilon)=x^{0}(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{-t_0}^{t}K(s)ds\right)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}K(s)ds\right)\cdot f\left(\tau,x(\tau,\varepsilon)\right)d\tau\ .$$

Биз карап жаткан маселелердин чечимдерин баалоодо деңгээл сызыктар методу колдонулган[73]. Деңгээл сызыктарды алууда [3] эмгектин негизги леммасы (4-лемма) пайдаланылган.

Төмөнкү шарттар аткарылсын:

U_1 : Өздүк маани $\lambda(t)\in Q(H_0)$ болсун, мында

$$H_0=\left\{(t_1,t_2):t_0\le t_1\le T,\ -D\le t_2\le D\right\},$$

$Q(H_0)$- H_0 аймагындагы аналитикалык функциялардын мейкиндиги.

$$u(t_1,t_2)=\mathrm{Re}\int_{t_0}^{t}\lambda(s)ds.$$

$U_2: t_0\le t_1\le T_0$ кесиндисинде $\mathrm{Re}\,\lambda(t_1+i0)<0$, ал эми $\mathrm{Re}\,\lambda(T_0+i0)=0;$

$\mathrm{Re}\,\lambda(t_1+i0)>0$ маанисин $t<t_1<t_0$ интервалында кабыл алат.

$\forall t\in H_0: Jm\lambda(t)\ne 0$ (аныктык үчүн $Jm\lambda_1(t)>0$ деп алабыз).

U_3 : $u(\bar{t}_0,0)=u(\bar{T}_0,0)=C_1,\ t_0<\bar{t}_0<t<\bar{T}_0<T_0$ жана $(\bar{t}_0,0),(\bar{T}_0,0)$ чекиттерин туташтыруучу деңгээл сызык (C_1) болсун.

$\left(C_1^*\right)$ сызыгы $\left(C_1\right)$ сызыгына симметриялуу болсун, бул сызыктар менен чектелген аймакты $H \subset H_0$ деп белгилеп алабыз.

$\left(C_1\right)$ сызыгы $\left(\bar{t}_0;0\right),\left(\bar{T}_0;0\right)$ чекиттерин, ал эми $\left(C_2\right)$ сызыгы $\left(t_{10};0\right),\left(T_{10};0\right)$ $\left(\bar{t}_0 < t_{10} < T_0, T_0 < T_{10} < \bar{T}_0\right)$ чекиттерин туташтырган сызыктар болсун .

$\left(T_{10};0\right)$ чекити аркылуу өткөн, t_2 огуна параллель болгон түз сызык жүргүзөбүз. Бул түз сызык $\left(C_1\right)$ деңгээл сызыгы менен жалгыз гана $\left(T_{10};t_{21}\right)$ чекитинде кесилишет ($Jm\lambda_1(t) > 0$ шарты аткарылат) .

П тилкесин карайбыз, $\left(C_1\right)$ жана $\left(C_2\right)$деңгээл сызыктары чыныгы октун $\left[\bar{t}_0;t_{10}\right]$ кесиндисин жана $\left(T_{10};0\right),\left(T_{10};t_{21}\right)$ чекиттеринин кесиндисин туташтырсын.

Тилкеде

$$u\left(t_1,t_2\right) = at_1 + b, \tag{2.1.7}$$

теңдемеси берилсин, мында $a = \dfrac{C_2 - C_1}{T_{10} - \bar{t}_0},\ b = \dfrac{C_1T_{10} - C_2\bar{t}_0}{T_{10} - \bar{t}_0}$.

Лемма. U_1, U_2, U_3 шарттары аткарылсын. Анда:

1. П тилкесинде (2.1.7) теңдемесин канааттандырган $\left\{\left(t_1;t_2\right)\right\}$ чекиттеринин көптүгү жашайт.
2. $\left\{\left(t_1;t_2\right)\right\}$ чекитинде (2.1.7) барабардыгын канааттандырган бир маанилүү үзгүлтүксүз дифференцирленүүчү $\phi_0\left(t_1\right)$ функциясы аныкталат, анын аныкталуу аймагы $\bar{t}_0 \le t_1 \le T_{10}$ жана $\left(K\right)$ ийриси ал функциянын $\left(\bar{t}_0;0\right),\left(T_{10};0\right)$ чекиттерин туташтырган бөлүгү болсун.
3. $u\left(t_1,\phi_0(t_1)\right)$ функциясы $\bar{t}_0 \le t_1 \le T_{10}$ кесиндисинде кемүүчү болот.

2 - бап боюнча корутунду

Бул бапта изилдөө методдору жана методологиясы каралды. Изилдөө объектилери болгон теңдеме жана теңдемелер системасы интегралдык теңдемеге, интегралдык теңдемелердин системасына келтирилип, удаалаш жакындашуулар, математикалык индукция методу жана карама каршысынан далилдөө методдорунун жардамында чечимдеринин асимптотикалык ажыралышы тургузулат.

Изилдөө объектиси болуп, туруктуулук шарты алмашкан учурда сингулярдык козголгон маселенин чечиминин асимптотикалык ажыралмасын тургузуу саналат.

Изилдөөнүн предмети катары кичине козголуунун өздүк маанилердин нөлдөрү тегиздикте, сан огунда жаткан учурлардагы туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири изилденген.

3 БАП. БИР ЭСЕЛҮҮ ӨЗДҮК МААНИ

§3.1. Маселенин коюлушу

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon)=\lambda(t)x(t,\varepsilon)+\varepsilon\left[h(t)+f(t,x(t,\varepsilon))\right], \tag{3.1.1}$$

$$x(-t_0,\varepsilon)=x^0(\varepsilon)\,,\ \left|x^0(\varepsilon)\right|=O(\varepsilon), \tag{3.1.2}$$

маселесин карайлы. Мында $0<\varepsilon<<1$ - кичине параметр, $-\left[t_0,t_0\right]$ - чыныгы октогу кесинди, $x(t,\varepsilon)$ -изделүүчү белгисиз функция.

Төмөнкү шарттар аткарылсын:

U 3.1.1. $f(t,0)\equiv 0$, $\forall(t,x)\in H$, $H=\{(t,x),t\in D,|x|\le M_0\}$, $0<M_0-const$, $f(t,x)\in\Phi(H)$, $\Phi(H)$ - H областындагы аналитикалык функциялардын мейкиндиги, $f(t,0)\equiv 0$; $\left|f(t,\tilde{x})-f(t,\tilde{\tilde{x}})\right|\le M_1\left|\tilde{x}-\tilde{\tilde{x}}\right|$, $|f(t,x)|\le M_1\cdot|x|$ мында $0<M$ - кандайдыр бир ε - көз каранды эмес туруктуу сан.

U3.1.2. $\lambda(t),h(t)\in\Phi(D)$, $D\subset C$, $D=\{t\in C,|t|<r_0\in R\}$, r_0 - жетишээрлик чоң оң сан.

U3.1.3. $\forall t\in D$ $(\lambda(t)\neq 0)$.

U3.1.4. $\exists!$ $T_0\in D$ $\left(\lambda(T_0)=0,...,\lambda^{(m-2)}(T_0)=0,\lambda^{(m-1)}(T_0)\neq 0\right)$.

U3.1.5. $\operatorname{Re}\lambda(t)<0$, $-t_0\le t<0$; $\operatorname{Re}\lambda(0)=0$, $\operatorname{Re}\lambda(t)>0$, $0<t\le t_0$, $(t_2\equiv 0)$.

U3.1.6. $(-t_0,0)$ жана $(t_0,0)$ чекиттерин туташтыруучу $(p_0)=\{t\in D,\operatorname{Re}F(t)=0\}$ деңгээл сызыгы жашасын, мында $F(t)=\int\limits_{t_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$.

(3.1.1) теңдемесин $\varepsilon=0$ болсо

$$\lambda(t)\tilde{x}(t,0)=0. \tag{3.1.3}$$

А.3.1.1. $(p)=\{t\in D, \operatorname{Re}F(t)=p-const\}$, $(q)=\{t\in D, \operatorname{Im}F(t)=q-const\}$ көптүктөрү тиешелеш түрдө $\operatorname{Re}F(t)$, $\operatorname{Im}F(t)$ функциялардын деңгээ сызыктары деп аталат.

А.3.1.2. $\forall t\in D_0\subset D$ областы жана бул областа аныкталган (3.1.1)-(3.1.2) маселенин $x(t,\varepsilon)$ - чечими жашап жана $\lim\limits_{\varepsilon\to 0}x(t,\varepsilon)=0$ аткарылса, анда D_0 областын $x(t,\varepsilon)$ чечимдин $\bar{x}(t)\equiv 0$ чечимге тартылуу областы (ТО) деп атайбыз.

А.3.1.3. $\varepsilon h(t)$ - кичине козголуу деп атайлы.

Негизги маселе. Кичине козголуунун ТО жашашына жана туруктуулуктун жоголушуна таасирин изилдөө.

Жумуш кичине козголуунун туруктуулуктун узартылыш кубулушуна тийгизген таасирин изилдөөгө багытталган.

§3.2. Кичине козголуу жок болгон учурда маселенин чечилиши

I.2.1. $\varepsilon h(t)\equiv 0$ $\wedge$ $U3.1.1$, $U3.1.2$, $U3.1.3$, $U3.1.5$ шарттар орун алсын.

(3.1.1)-(3.1.2) маселесин интегралдык теңдеме менен алмаштырабыз:

$$x(t,\varepsilon)=x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)+\int\limits_{-t_0}^{t}f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\,, \tag{3.2.1}$$

мында $F(t)=\int\limits_{-t_0}^{t}\lambda(s)ds$, $F(-t_0)=0$ болсун.

t нын чыныгы маанилеринде $\operatorname{Re}F(t)$ функциясын изилдейли. $\operatorname{Re}F(t)\to\operatorname{Re}F(t_1)$ функциясын алалы: $(t=t_1+it_2, t_2\equiv 0)$: **U3.1.4** ылайык $(\operatorname{Re}F(t_1))'=\lambda(t_1)\Rightarrow$ $\operatorname{Re}F(t_1)$ - кемийт, $(-t_0\le t_1<0)$; $\operatorname{Re}F(t_1)$ - өсөт;

$(0<t_1\le t_0)$; $t_1=0$ $(\min)$.

$\operatorname{Re}F(t_1)$ функциясынын графигинин t_1 огун оң жактан кесип өтүүсүнүн айрым учурлары (3.2.1) сүрөттө келтирилди.



Сүрөт 3.2.1. Re $F(t_1)$ функциясынын графиги.

$(p_0) = \{t \in D, \operatorname{Re} F(t_0) = 0\}$ карайлы. (p_0) сызыгы D ны экиге бөлөт $D_1 \wedge D_2$ (Сүрөт 3.2.2).



Сүрөт 3.2.2. (p_0) деңгээл сызыгы жана D_1, D_2 областары

Жалпылыкты бузбастан $\operatorname{Re} F(-t_0) = \operatorname{Re} F(t_0)$ деп эсептейли. $\forall t \in [-t_0, t_0]$ $(\operatorname{Re} F(t) \le 0)$ (барабардык аралыктын учунда гана орун алат) $\Rightarrow$ $\forall t \in D_1$ $(\operatorname{Re} F(t) \le 0)$. Барабардык белги (p_0) сызыгында гана аткарылат.

(3.2.1) теңдемени D_1 областында карайбыз. Областа $\operatorname{Re} F(t) \le 0$ болгондуктан, (3.1.5) теңдеменин чечиминин чектелген болушунун зарыл шарты аткарылат.

(3.1.5) теңдемеге удаалаш жакындашуу методун колдонобуз. Аларды төмөнкүдөй аныктайбыз

$$x_n(t,\varepsilon) = x^0 \exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) + \int_{t_0}^{t} f(\tau, x_{n-1}(\tau,\varepsilon)) \exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right) d\tau, \tag{3.2.2}$$

$x_0(t,\varepsilon) \equiv 0$, $n = 1,2,\ldots$.

Удаалаш жакындашууларды баалоо маселесин коелу. Бул маселени чечүү үчүн интегралдоо жолдорун тандайлы

$$F(t) \in I(D) \Rightarrow \operatorname{Re} F(t) \in \Gamma(D) \ \wedge \ \operatorname{Im} F(t) \in \Gamma(D),$$

$\Gamma(D)$ - D областындагы гармоникалык болгон функциялардын мейкиндиги.

Шарт боюнча $\forall t \in D$ $(\lambda(t) \ne 0)$ болгондуктан, $F(t)$ функциясы D областында эселүү нөлдөргө ээ болбойт. Мындай болгондо $\operatorname{Re} F(t)$ жана $\operatorname{Im} F(t)$ функциялар бутактануучу деңгээл сызыктар болбойт б. а. D областынын каалаган чекити аркылуу $\operatorname{Re} F(t)$, $\operatorname{Im} F(t)$ функциялардын бирден гана деңгээл сызыктары өтөт. Бул деңгээл сызыктар кесилиш чекиттеринде ортогоналдуу болушат [44]. Демек D областы өз ара ортогоналдуу деңгээл сызыктардын торчосу менен капталат (Сүрөт 3.2.3).



Сүрөт 3.2.3. D областындагы өз ара ортогоналдуу деңгээл сызыктардын

торчосу.

Биздин максат (3.2.1) теңдеменин чечиминин $[-t_0, t_0]$ аралыгындагы асимптотикалык жүрүмүн изилдөө болгондуктан, D_1 областынын $[-t_0, t_0]$ кесиндиси жана (p_0) сызыктын $(-t_0, 0)$, $(t_0, 0)$ чекиттерин туташтырган бөлүгү менен чектелген бөлүгүн карайлы. Бул бөлүктү D_{10} деп белгилейли (Сүрөт 3.2.4).



Сүрөт 3.2.4. D_{10} областы.

Интегралдоо жолун төмөндөгүдөй тандайлы: жол (p_0) $[(-t_0,0),\tilde{t}\,]$ жана (q) $[\tilde{t}\,,t]$ турат. (p_0), (q) аналитикалык ийрилер болгондуктан [59], бул ийрилердин теңдемелерин параметрдик түрдө төмөндөгүдөй туюнтууга болот:

$$t_1 = t_1(s),\; t_2 = t_2(s),$$

мында s (p_0) ийринин $(-t_0.0)$, $\tilde{t}$ чекиттерин туташтыруучу бөлүгүнүн узундугу;

$$t_1 = t_1(\sigma),\; t_2 = t_2(\sigma),$$

мында σ, (q) ийринин $\tilde{t}$, t чекиттерин туташтыруучу (q) ийринин узундугу.

D_{10} чектелген облас болгондуктан $\max\{s\} = s_0$, $\max\{\sigma\} = \sigma_0$ жашайт.

$s_0 + \sigma_0 = l$ деп белгилейли. Алгач $t \in (p_0)$ болгон учурду карайлы. Тандалган жолдорго ылайык (3.2.2) баалайлы.

Биринчи жакындашуу ($f(\tau,0) \equiv 0$) үчүн

$$|x_1(t,\varepsilon)| \le |x^0| \exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right), \tag{3.2.3}$$

туура болот.

Экинчи жакындашууну карайлы.

$$\left|x_2(t,\varepsilon)\right| \le \left|x_1(t,\varepsilon)\right| + \int_0^{\tilde{s}} \left|f(\tau,x_1)\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(\tilde{s}) - \operatorname{Re}F(s)}{\varepsilon}\right) \cdot \left|\tau_1'(s) + i\tau_2'(s)\right| ds,$$

$$\left|\tau_1'(s) + i\tau_2'(s)\right| \le M_{10},$$

$$\forall t \in (p_0):\ \operatorname{Re}F(t) = 0,\ \operatorname{Re}F(\tau) = 0\ \wedge\ \left|f(\tau,x_1)\right| \le M_1 \cdot \left|x_1\right|\ \Rightarrow$$

$$\Rightarrow\ \left|x_2(t,\varepsilon)\right| \le \left|x_1(t,\varepsilon)\right| + M_{10}\int_0^{\tilde{s}} M_1\left|x^0\right| \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s})) - \operatorname{Re}F(\tau(s)) + \operatorname{Re}F(\tau(s))}{\varepsilon}\right) \le$$

$$\le \left|x_1(t,\varepsilon)\right| + \left|x^0\right| M_2 \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \tilde{s} = \left|x^0\right| \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \left(1 + M_2\tilde{s}\right),$$

$$M_2 = M_{10} \cdot M_1,$$

$$\left|x_2(t,\varepsilon)\right| \le \left|x^0\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s})}{\varepsilon}\right) \cdot \left(1 + M_2\tilde{s}\right).$$

$$\left|x_3(t,\varepsilon)\right| \le \left|x_1(t,\varepsilon)\right| + \left|x^0\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \left(M_2\tilde{s} + \frac{(M_2\tilde{s})^2}{2!}\right) \le$$

$$\le \left|x^0\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \left(1 + M_2\tilde{s} + \frac{(M_2\tilde{s})^2}{2!}\right).$$

$$\left|x_n(t,\varepsilon)\right| \le \left|x^0\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \sum_{k=0}^{n-1} \frac{(M_2\tilde{s})^k}{k!},\ n = 1, 2, \ldots . \tag{3.2.4}$$

$$\sum_{k=0}^{\infty} \frac{(M_2\tilde{s})^k}{k!} = \exp\left(M_2\tilde{s}\right)\ \max\{\tilde{s}\} = s_0\ \Rightarrow$$

$$\left|x_n(t,\varepsilon)\right| \le \left|x^0\right| \cdot \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right) \cdot \exp s_0 = M_3 \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right). \tag{3.2.5}$$

$\forall n \in N\ \left(\left|x_n(t,\varepsilon)\right| \le M_0\right)$ болууга тийиш.

$$\exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t(\tilde{s}))}{\varepsilon}\right)=1 \;\Rightarrow\; \left|x^0\right|\cdot\exp\left(M_2\tilde{s}\right)\le M_0 \;\Rightarrow\; M_2\tilde{s}\le \ln\frac{M_0}{\left|x^0\right|} \;\Rightarrow$$

$$\tilde{s}\le \frac{1}{M_2}\cdot\ln\frac{M_0}{\left|x^0\right|}. \tag{3.2.6}$$

Бул шарттын аткарылышын $[-t_0, t_0]$ аралыгын кыскартуунун (ε дон көз каранды болбогон) натыйжада жетишүүгө болот. (3.2.6) шарт аткарылганда жогоруда жүргүзүлгөн баалоолор мыйзамдуу болот. Натыйжада (3.2.2) жакындашуулар үчүн (3.2.5) баалоо алынды.

Удаалаш жакындашуулардын бир калыпта жыйналуучулугун далилдейли. Ал үчүн $\left|x_n(t,\varepsilon)-x_{n-1}(t,\varepsilon)\right|$ туюнтманы баалайлы.

$$\left|x_2(t,\varepsilon)-x_1(t,\varepsilon)\right|\le M_{10}M_1\int_0^{\tilde{s}}\left|x_1(s,\varepsilon)\right|ds\le M_{10}M_1\cdot\left|x^0\right|\cdot\tilde{s},$$

$$\left|x_2(t,\varepsilon)-x_1(t,\varepsilon)\right|\le M_2\tilde{s}\left|x^0\right|,$$

$$\dots\;\dots\;\dots,$$

$$\left|x_n(t,\varepsilon)-x_{n-1}(t,\varepsilon)\right|\le\left|x^0\right|\cdot\frac{\left(M_2\tilde{s}\right)^{n-1}}{(n-1)!}.$$

Алынган баалоолордун негизинде $\sum_{k=0}^{\infty}\left(x_k(t,\varepsilon)-x_{k-1}(t,\varepsilon)\right)$ катар $\forall t\in(p_0)$ үчүн бир калыпта кандайдыр бир $x(t,\varepsilon)$ функцияга жыйналат. Бул функция (3.2.1) теңдеменин (p_0) ийридеги чечими болот. (3.2.4) эске алсак, бул чечим үчүн

$$\left|x(t,\varepsilon)\right|\le M_3\exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right),\; \forall t\in(p_0), \tag{3.2.7}$$

туура болот.

$\left(p_0^{-\varepsilon}\right)=\{t\in D_{10}, \operatorname{Re} F(t)=\varepsilon\ln\varepsilon\}$ деңгээл сызыгын аныктайлы.

(p_0) $\wedge$ $\left(p_0^{-\varepsilon}\right)$ деңгээл сызыктары менен чектелген аймакты $D_{1\varepsilon}$ деп белгилейли. $D_{10} \setminus D_{1\varepsilon} = D_{11}$ болсун жана $\left(p_0^{-\varepsilon}\right) \in D_{11}$ деп эсептейли (Сүрөт 3.2.5).



Сүрөт 3.2.5. $D_{1\varepsilon}$ - чек аралык аймагы.

(3.2.1) теңдемени $t \in D_{1\varepsilon}$ жана $t \in D_{11}$ учурлар үчүн карайлы. (3.2.1) теңдемени жогоруда тандалган интегралдоо жолдорун эске алуу менен төмөндөгүдөй өзгөртөлү.

$$x(t,\varepsilon) = x^0 \exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) + \int_{-t_0(p_0)}^{\tilde{t}} f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau +$$

$$+\int_{\tilde{t}(q)}^{t} f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau = \exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)\cdot\left[x^0 \exp\left(\frac{F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)+\right.$$

$$\left.+\int_{-t_0}^{\tilde{t}} f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(\tilde{t})-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\right] + \int_{\tilde{t}}^{t} f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\,. \qquad (3.2.8)$$

Алынган туюнтмадагы $[...]$ кашаанын ичи (3.2.1) теңдеменин $t = \tilde{t} \in (p_0)$ болгон учурдагы чечимин берет. Муну эске алсак, (3.2.8) ден төмөндөгүгө ээ болобуз.

$$x(t,\varepsilon) = x(\tilde{t},\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right) + \int_{\tilde{t}} f(\tau,x)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right). \qquad (3.2.9)$$

Мурунку учурдагыдай эле (3.2.9) ге удаалаш жакындашуу методун колдонобуз, алар (3.2.2) дегидей эле аныкталат. Удалаалаш жакындашууларды баалоо жана алардын жыйналуучулугун далилдөө мурунку учурду кайталайт.

Баалоолорду жүргүзүүдө

$$\left|x(\tilde{t},\varepsilon)\right| \le M_3 \exp\left(\frac{F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)$$

жана

$$\left|\int_{\tilde{t}}^{t} \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t) - \operatorname{Re}F(\tau)}{\varepsilon}\right)\cdot\left|d\tau\right|\right| \le M_4\varepsilon$$

болорун эске алуу керек.

Натыйжада (3.2.1) теңдеменин чечими үчүн

$$\left|x(t,\varepsilon)\right| \le M_5 \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t)}{\varepsilon}\right),\ t \in D_{1\varepsilon} \cup D_{11}, \tag{3.2.10}$$

баалоого ээ болобуз.

(3.2.7) жана (3.2.10) баалоолорду бириктирсек

$$\left|x(t,\varepsilon)\right| \le M_5 \exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t)}{\varepsilon}\right),\ t \in \left(p_0\right) \cup D_{1\varepsilon} \cup D_{11}. \tag{3.2.11}$$

Төмөндөгүдөй теорема далилденди.

Т.3.1.1. (3.1.1)-(3.1.2) маселе каралсын жана U3.1.1-U3.1.3, U3.1.5 шарттар аткарылсын, анда D_1 областы жана бул областа аныкталган (3.1.1)-(3.1.2) маселенин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап, чечим үчүн (3.2.11) баалоо туура болот.

(3.2.11) баалоодон $\left(p_0\right)$ - (ЧКС), $D_{1\varepsilon}$ - (ЧКО) жана D_{11} - (ТО) болору келип чыгат. Теореманын негизинде төмөндөгүдөй натыйжалар алынат:

Н.3.1.1. Эгерде $\left(-t_0,0\right)$ чекитин сол жакка жылдырууда $\left(p_0\right)$ жашаса, анда $\left(t_0,0\right)$ оң жакка жылат.

Н.3.1.2. (3.1.1)-(3.1.2) маселенин чечимин, $\left[-t_0,t_0\right]$ - чыныгы октун кесиндисинде карасак, туруктуулук шарт өзгөргөндө, туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу орун алат;

$\left[-t_0, -t_0 + \alpha_1(\varepsilon), \alpha_1(\varepsilon) > 0 \wedge \alpha_1(\varepsilon) \to 0,\ (\varepsilon \to 0)\right)$ жана

$\left[t_0, t_0 - \alpha_2(\varepsilon), \alpha_2(\varepsilon) > 0 \wedge \alpha_2(\varepsilon) \to 0,\ (\varepsilon \to 0)\right)$ аралыктарында $|x(t,\varepsilon)| \le M_5$; ал эми

$\left[-t_0 + \alpha_1(\varepsilon), t_0 - \alpha_2(\varepsilon)\right]$ аралыгында $|x(t,\varepsilon)| \le M_5 \varepsilon^n$, $n \in N$ болот.

Мисалдар. 1). $\lambda(t) = \dfrac{1}{t+i}$, $t \in C \setminus \{-i\} = D$ берилсин. $\lambda(t) \in Q(D)$ $\wedge$ $\operatorname{Re}\lambda(t) = \dfrac{t}{t^2+1}$ (чыныгы t үчүн). $-\infty < t < 0$: $\operatorname{Re}\lambda(t) < 0$; $\operatorname{Re}\lambda(0) = 0$; $0 < t < +\infty$: $\operatorname{Re}\lambda(t) > 0$. U3.1.1-U3.1.3 шарттар аткарылат.

$$F(t) = \int_{-t_0}^{t} \frac{d\tau}{t+i} = \ln(t+i) - \ln(-t_0+i);\ \operatorname{Re}F(t) = \frac{1}{2}\ln\frac{t_1^2 + \left(t_2^2+1\right)^2}{t_0^2+1}.$$

$\operatorname{Re}F(t)$ функциясынын деңгээл сызыктары, борбору $(0,-1)$ чекитинде болгон, айланар болушат (Сүрөт 3.2.6). $(-t_0;0)$, $(t_0;0)$ чекиттери аркылуу өтүүчү (p_0) деңгээл сызыкты аныктайлы $p_0 = \dfrac{1}{2}\ln\left(\dfrac{t_0^2+1}{t_0^2+1}\right) = 0$, демек,

$$(p_0) = \left\{t \in D, t_1^2 + (t_2+1)^2 = t_0^2 + 1\right\}.$$

Бул деңгээл сызык борбору $(0;-1)$ радиусу $r_0 = \sqrt{t_0^2+1}$ болгон айлана болот (Сүрөт 3.2.6).



Сүрөт 3.2.6. Борбору $(0;-1)$ радиусу $r_0=\sqrt{t_0^2+1}$ болгон айлана.

$[-t_0;t_0]$ жана (p_0) деңгээл сызыгынын жогорку бөлүгү менен чектелген область D_1 болот (Сүрөт 3.2.7).

$(p_0^{-\varepsilon})$ ду аныктайлы. $\frac{1}{2}\ln\left(\frac{t_1^2+(t_2+1)^2}{t_0^2+1}\right)=\varepsilon\ln\varepsilon \;\Rightarrow\; t_1^2+(t_2+1)^2=(t_0^2+1)e^{2\varepsilon\ln\varepsilon}$,

$(p_0^{-\varepsilon})=\{t\in D, t_1^2+(t_2+1)^2=(t_0^2+1)e^{2\varepsilon\ln\varepsilon}\}$.



Сүрөт 3.2.7. D_1 обласы.

2). $\lambda(t) = ie^{it}$, $t \in C$. $\lambda(t) \in Q(C)$, $\operatorname{Re}\lambda(t) = -\sin t$ (чыныгы t үчүн):

$$\operatorname{Re}\lambda(t) < 0,\ 2k\pi < t < (2k+1)\pi,$$

$$\operatorname{Re}\lambda(t) > 0,\ (2k+1)\pi < t < 2(k+1)\pi,$$

$$\operatorname{Re}\lambda(k\pi) = 0,\ k = 0,1,2,\dots.$$

$[0,2\pi]$ аралыкты гана карайлы. Бул аралыкты кароо жалпылыкты чектебейт.

$t_0 = \dfrac{\pi}{2}$ деп алалы.

$$F(t) = i\int_{\frac{\pi}{2}}^{t} e^{i\tau}d\tau = e^{it} - e^{i\frac{\pi}{2}} = e^{it} - i,\ F(t) = e^{it} - i.$$

$$\operatorname{Re}F(t) = \operatorname{Re}e^{i(t_1+it_2)} = e^{-t_2}\cos t_1.$$

(p_0) деңгээл сызыгын аныктайлы $(p_0) = \{t \in C, \operatorname{Re}F(t) = 0\}$.

Демек, $e^{-t_2}\cos t_1 = 0 \;\Rightarrow\; \cos t_1 = 0 \;\Rightarrow\; t_1 = \dfrac{\pi}{2},\ t_1 = \dfrac{3\pi}{2}$.

(p_0) деңгээл сызыгы өз ара кесилишпөөчү эки түз сызыктан турат. Эгерде C тегиздигинде бул деңгээл сызыкты карай турган болсок, анда анын бутактары $(\pi,-\infty)$ чекитинде кесилишет.

$(p) = \{t \in C, e^{-t_2}\cos t_1 = p\}$ деңгээл сызыктарынын бардыгы $(\pi;-\infty)$ чекитинде кесилишкендиктен (t_2 огунун багыты боюнча) бул чекит чексиз тартиптеги ашуу чекити болуп эсептелет [73]. Бул учурдун өзгөчөлүгү каралып жаткан облас чексиз тилке болот (Сүрөт 3.2.8). t_0 ду $\dfrac{\pi}{2} + \delta$ ($0 < \delta$ - жетишээрлик кичине сан) деп алсак, чектүү обласка ээ болобуз (Сүрөт 3.2.8).



Сүрөт 3.2.8. Чексиз тилке обласы.

Эскертүү. Эгерде $\lambda(t)$ өздүк мааниси, D областынын T_0 чекитинде $(m-1)$ -эселүү нөлгө ээ болсо жана бул чекит чыныгы окто жатпаса, анда бул учур каралган учурдагыдай эле изилденет.

Мисалы. T_0 чекити $\lambda(t)$ функциясынын жөнөкөй нөлү болсун б.а. $\lambda(T_0)=0 \wedge \lambda'(T_0)\neq 0$, $D=\{t\in C, |t|<r_0\}$ деп алалы. $T_0=T_{10}-iT_{20}$ ($T_{20}>0$) деп эсептейли.

$F(t)=\int_{-t_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$ жана $F_0(t)=\int_{T_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$ функцияларын аныктайлы.

$F(t)=F_0(t)-F(-t_0)$ барабардыгы туура болот. Бул барабардык $\int_{-t_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$ интегралга Кошинин теоремасын колдонуудан келип чыгат. $F_0(t)$ функциясы T_0 чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот жана

$$(p_0)=\{t\in D, \operatorname{Re}F_0(t)=0\}$$

деңгээл сызыгы бул чекитте бутактанат. Бутактар чыныгы окту $(-t_0;0)$, $(t_0;0)$ чекиттерде кесип өтөт десек, каралып өткөн учурга келебиз (Сүрөт 3.2.9).



Сүрөт 3.2.9. Деңгээл сызыктын бутактанган учуру.

(3.2.9) сүрөттөн кийин (p_0) - деңгээл сызыгынын бутактары жана $[-t_0, t_0]$ - кесиндиси менен чектелген областы D_1 деп белгилейли.

$$(p_{-\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Re} F_0(t) = -\varepsilon \ln \varepsilon\}$$

деңгээл сызыгы аркылуу $D_{1\varepsilon}$, D_{11} бөлүктөргө бөлөлү (Сүрөт 3.2.10).



Сүрөт 3.2.10. $(p_{-\varepsilon})$ деңгээл сызыгы аркылуу бөлүнгөн $D_{1\varepsilon}$, D_{11} областары.

(3.2.1) теңдемени D_1 областа жана чечимдин жашашын далилдөө, аны баалоону жүргүзүү үчүн интегралдоо жолдорун тандайбыз. Интегралдоонун жолу $(p_0)[t_0, \tilde{t}]$, $(q)[\tilde{t}, t]$ турат.

Мурда жүргүзүлгөн эсептөөлөрдү кайталоо менен (3.2.1) теңдеменин чечими үчүн төмөнкү баалоону алабыз:

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_6 \exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right)$$

же

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_6 \begin{cases} 1, \ t \in D_{1\varepsilon} \cup (p_0), \\ \varepsilon^n, \ \ t \in D_{11}. \end{cases} . \qquad (3.2.12)$$

Төмөндөгүдөй теорема далилденди.

Т.3.1.2. (3.1.1)-(3.1.2) маселе каралсын жана U3.1.1, U3.1.2, U3.1.4 ($n=1$, $T_0 = -iT_{20}$, $T_{20} > 0$) U3.1.5 шарттар аткарылсын. Бул шарттар аткарылганда $D_0 \subset D$ жана бул областа аныкталган (3.1.1)-(3.1.2) маселенин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап, бул чечим үчүн (3.2.12) баалоо туура болот.

(3.2.12) баалоодон:

(p_0) бутактары – (ЧКС), $D_{1\varepsilon}$ - (ЧКО), D_{11} - (ТО) болору келип чыгат; $[-t_0, t_0]$ - аралыгында туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу байкалат; $(-t_0)$ ду сол жака жылдырганда, t_0 оң жака карата жылат.

I.2.2. U3.1.1, U3.1.2, U3.1.4, U3.1.5 шарттар аткарылсын. $\lambda(t)$ өздүк мааниси, T_0 чекитинде жөнөкөй нөлгө ээ болсун жана бул нөл чыныгы окто жатсын.

$T_0 \equiv 0$ деп эсептейли. $F(t) = \int_{t_0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$, $F_0(t) = \int_{0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$ функцияларды аныктайлы. Жогоруда белгиленгендей $F(t) = F_0(t) - F_0(-t_0)$, барабардык орун алат. $F_0(t)$ функция $t=0$ чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот жана бул чекитте $\operatorname{Re} F_0(t)$, $\operatorname{Im} F_0(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары бутактанат (Сүрөт 3.2.11)



Сүрөт 3.2.11. Деңгээл сызыктардын бутактануусу.

$F_0(t)$ функциясы U3.1.4 шартка ылайык D областында жалгыз гана (T_0) нөлгө ээ болгондуктан, $\operatorname{Re} F_0(t)$, $\operatorname{Im} F_0(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары D областынын чек арасына жакындайт.

(p_0) деңгээл сызыктарынын бутактары $((p_{01}),(p_{02}))$ аркылуу D областы төрт секторго бөлүнөт. Секторлорду D_j $(j = 1,2,3,4)$ аркылуу белгилейли (Сүрөт 3.2.12)



Сүрөт 3.2.12. D_j $(j = 1,2,4)$ секторлору.

$(p(-t_0)) = \{t \in D_1, \operatorname{Re} F_0(t) = p(-t_0) - const\}$ деңгээл сызыгын аныктайлы. $[-t_0, t_0]$ аралыгында, U3.1.5 шартка ылайык, $\operatorname{Re} F_0(t)$ функция кемүүчү, $[0, T_{01}]$ аралыгында өсүүчү болгондуктан, кандайдыр бир $(0 < T_{02} < T_{01})$ T_{02} чекит жашайт. Бул чекит аркылуу өтүүчү $(p(T_{02}))$ деңгээл сызыгы жашайт жана $p(T_{02}) \equiv p(-t_0)$ болот. Жалпылыкты бузбастан $T_{02} = t_0$ деп алалы. $(p(-t_0))$, $(p(-t_0))$ деңгээл сызыктар менен чектелген D нын бөлүгүн D_0 деп белгилейли (Сүрөт 3.2.13).



Сүрөт 3.2.13. D областынын бир бөлүгү болгон D_0 обласы.

$\forall t \in D_0$ $(\operatorname{Re} F(t) \le 0)$ барабардык орун алат. (3.2.1) теңдемени D_0 областында карайбыз.

$$(p_{+\varepsilon}(-t_0)) = \{t \in D_0, \operatorname{Re} F_0(t) = p(-t_0) - \varepsilon \ln \varepsilon\},$$
$$(p_{-\varepsilon}(t_0)) = \{t \in D_0, \operatorname{Re} F_0(t) = p(t_0) + \varepsilon \ln \varepsilon\},$$

деңгээл сызыктары аркылуу D_0 областын бир нече бөлүктөргө бөлөлү жана бөлүктөрдү D_{01}^{ε}, D_{00}, D_{02}^{ε} аркылуу белгилейли (Сүрөт 3.2.14)





Сүрөт 3.2.14. D_{01}^{ε}, D_{00}, D_{02}^{ε} областар.

(3.2.1) теңдемеге удаалаш жакындашуу методун колдонобуз. Удаалаш жакындашууларды баалоо жана алардын жыйналуучулугун далилдөө үчүн интегралдоо жолдорун тандайбыз. Интегралдоо жолдорун $(p(t))$ жана $(q(t))$ деңгээл сызыктарын же (t_0, t) чекиттерин туташтыруучу кесиндилердин жыйындысы катары аныктоого болот.

Удаалаш жакындашууларды баалоо жана алардын бир калыпта жыйналуучулугун далилдөө аркылуу (3.2.1) теңдеменин чечими үчүн төмөнкүдөй баалоого ээ болобуз.

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_6 \exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right),$$

же

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_6 \begin{cases} 1, & t \in D_{01}^{\varepsilon} \cup D_2; \\ \varepsilon^n, & t \in D_{00}. \end{cases} \qquad (3.2.13)$$

Жыйынтыгында төмөнкү теорема далилденди.

Т.3.1.3. (3.1.1)-(3.1.2) маселе каралсын жана U3.1.1, U3.1.2, U3.1.4 ($m = 2$, $T_0 = 0$), U3.1.5 шарттар аткарылсын, анда $D_0 \subset D$ областы жана бул область аныкталган (3.1.1)-(3.1.2) маселенин $x(t,\varepsilon)$ - чечими жашап, бул чечим үчүн (3.2.13) баалоо туура болот.

Далилденген теорема 3.2.3 төн төмөндөгү ырастоолордун тууралыгы келип чыгат:

1). $(p(-t_0))$, $(p(t_0))$ - (ЧКС); D_{01}^{ε}, D_{02}^{ε} - (ЧКО); D_{00} - (ТО).

2). $[-t_0 t_0]$ - аралыгында туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу орун алат.

3). $[-t_0 t_0]$ - аралыгын, $(-t_0)$ ду сол жака жылдырганда, t_0 оң жака жылуу менен, кеңейтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.

§3.3. Кичине козголуу болгон учурда маселенин чечилиши

(3.1.1)-(3.1.2) маселени төмөндөгүдөй көрүнүштө жазабыз:

$$x(t,\varepsilon) = x^0 \exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) + \int_{-t_0}^{t} [h(\tau) + f(\tau,x)] \exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right) d\tau , \qquad (3.3.1)$$

$\lambda(t)$ функциясы жөнөкөй нөлдөргө ээ болуп, бул нөлдөр чыныгы окто жаткан жатпаган учурларды карайлы. Кичине козголуунун (3.3.1) теңдеменин чечимине тийгизген таасирин аныктайлы (туруктуулук шарты өзгөргөндө туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу).

U3.3.1. U3.1.1, U3.1.2, U3.1.4, U3.1.5, U3.1.6 шарттар аткарылсын. $\lambda(t)$ өздүк мааниси, T_0 чекитинде жөнөкөй нөлгө ээ болсун жана бул нөл чыныгы окто жатпасын

($T_0 = -iT_{02}$, T_{02} деп алалы).

$F(t) = \int_{t_0}^{t} \lambda(\tau) d\tau \quad F_0(t) = \int_{T_0}^{t} \lambda(\tau) d\tau$ функцияларды аныктайлы.

$F(t)=F_0(t)-F_0(t_0)$ болот. $F_0(t)$ функция $t=T_0$ чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот. Бул чекитте $\operatorname{Re}F(t)$, $\operatorname{Im}F(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары бутактанат. Сүрөт 3.3. $\operatorname{Re}F_0(t)$ функциянын бутактануучу деңгээл сызыгы жана анын бутактары (p_{01}), (p_{02}).



Сүрөт 3.3.1. $\operatorname{Re}F(t)$ функциянын бутактанган деңгээл сызыгы.

Жалпылыкты бузбастан (p_0) дун бутактары $(-t_0,0)$, $(t_0,0)$ чекиттери аркылуу өтөт деп эсептейли. (p_0) деңгээл сызыгынын бутактары жана $[-t_0,t_0]$ кесинди менен чектелген областы D_1 деп белгилейли.

$(p_0^{-\varepsilon})=\{t\in D_1, \operatorname{Re}F_0(t)=\varepsilon\ln\varepsilon\}$ деңгээл сызыгын аныктайлы. (p_0) дун бутактары жана $(p_0^{-\varepsilon})$ деңгээл сызыгы менен чектелген областы $D_{1\varepsilon}$, $D_1\setminus D_{1\varepsilon}=D_{11}$ деп белгилейли (Сүрөт 3.3.2).

(3.3.1) удаалаш жакындашуу методун колдонобуз:

$$x_n(t,\varepsilon)=x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)+\int_{-t_0}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x_{n-1}(\tau,\varepsilon)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau, \qquad (3.3.2)$$

$x_0(t,\varepsilon)\equiv 0$, $n=1,2,\ldots$.



Сүрөт 3.3.2. $D_{1\varepsilon}$ чек аралык обласы

(p_{01}) бутактан $A_1(+\gamma_1\varepsilon^{\beta}, -T_{02}+\gamma_2\varepsilon^{\beta})$, (p_{02}) бутактан $A_2(-\gamma_3\varepsilon^{\beta}, -T_{02}+\gamma_4\varepsilon^{\beta})$ чекиттерди алалы, мында γ_j - ε дон көз каранды эмес, кандайдыр бир оң сандар, $0<\beta<1$.

$$(q_{1\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Im} F_0(t) = \operatorname{Im} F_0((\gamma_1 + i(-T_{02}+\gamma_2))\varepsilon^{\beta}\},$$

$$(q_{2\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Im} F_0(t) = \operatorname{Im} F_0((-\gamma_2 + i(-T_{02}+\gamma_4)\varepsilon^{\beta})\},$$

деңгээл сызыктарын жүргүзөлү. $(q_{1\varepsilon})$, $(q_{2\varepsilon})$ сызыктар $(p_0^{-\varepsilon})$ сызыгы менен тиешелеш түрдө $A_3(\gamma_5 + i(\gamma_6 + T_{02})\varepsilon^{\beta})$, $A_4(-\gamma_7 + i(\gamma_8 - T_{02})\varepsilon^{\beta})$ $(\gamma_j\,(j=5,6,7,8)>0)$ сандар) чекиттерде кесилишсин (Сүрөт 3.3.3).



Сүрөт 3.3.3. Деңгээл сызыктар бутактануучу чекиттин чекебели.

Э.3.3.1. Конкреттүү $F_0(t)$ функция учурда чекиттердин координаталары башкача болушу да мүмкүн. Мындай болсо деле кийинки жүргүзүлүүчү баалоолордо, натыйжаларда сапаттык өзгөрүүлөр болбойт.

Бул деңгээл сызыктар жана жогоруда аныкталган деңгээл сызыктар аркылуу D_1 областы бир нече бөлүктөргө бөлүнөт (Сүрөт 3.3.4).



Сүрөт 3.3.4 D_1 областынын бөлүнүшү

$$(p_1)=\{t\in D_1, \operatorname{Re}F_0(t)=p_1-const \wedge \varepsilon \text{ дөн көз каранды эмес}\},$$

$$(q_1)=\{t\in D_1, \operatorname{Im}F_0(t)=q_1-const \wedge \varepsilon \text{ дөн көз каранды эмес}\},$$

деңгээл сызыктарын аныктайлы.

$[-t_0,T_{10}]$ - кесинди, (p_{02}) $[-t_0,A_6]$, (q_1) $[A_6,A_7]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_7,T_{10}]$ менен чектелген область D^1; $[T_{10},T_{11}]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{10},A_7]$, (q_1) $[A_7,A_8]$, (p_1) $[A_8,T_{11}]$ аркылуу чектелген область D^2; $[T_{11},T_{12}]$ - кесинди (p_1) $[T_{11},T_{12}]$ менен чектелген область D^3; $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_7,A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4,A_5]$, (p_1) $[A_5,A_8]$, (q_1) $[A_7,A_8]$ лер менен чектелген область D^4; (p_{02}) $[A_6,A_3]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_3,A_4]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_4,A_7]$, (q_1) $[A_7,A_6]$ чектеген область D^5; $[T_{12},T_{13}]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{13},A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4,A_5]$, (p_1) $[A_5,T_{12}]$ чектеген область D^6

; (p_{02}) $[A_3,-T_{02}]$, (p_{01}) $[-T_{02},A_1]$, $(q_{1\varepsilon})$ $[A_1,A_2]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_2,A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4,A_3]$ чектеген область D^7; (p_{01}) $[A_1,t_0]$, $[T_{13},t_0]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{13},A_2]$, $(q_{1\varepsilon})$ $[A_2,A_1]$ - чектеген область D^8 болсун.

(3.3.2) жакындашууларды D^j ($j=1,...,8$) областарда карайлы жана баалоолорду аткаралы. Баардык жакындашуулар үчүн интегралдоонун жолдору бирдей болот жана төмөндөгүдөй аныкталат: жол $(p_{02})\cup(p_{01})[-t_0,\tilde{t}\,]$, (q) $[\tilde{t},t]$ бөлүктөрдөн турат. Удаалаш жакындашууларды баалоодо негизги аныктоочу биринчи жакындашуу болгондуктан биринчи жакындашууну баалоо менен чектелсек болот.

1). $t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8$ болсо, биринчи жакындашууда $x^0\exp\left(\dfrac{F(t)}{\varepsilon}\right)$ мүчө аныктоочу, ал эми $\int\limits_{-t_0}^{t}h(\tau)\exp\left(\dfrac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau$ мүчө чектелген болот. Натыйжада

$$|x_1|\le M_{11},\ t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8,$$

баалоого ээ болобуз.

2). $t\in D^2\cup D^4\cup D^6$ болсун. Бул учурда $x^0\exp\left(\dfrac{F(t)}{\varepsilon}\right)$ мүчө ε^n ($n\in N$) тартипте болуу менен мааниге ээ болбойт. Ал эми $J(t)=\int\limits_{-t_0}^{t}h(\tau)\exp\left(\dfrac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau$ мүчө аныктоочу болуу менен бул областардын ар биринде түрдүүчө асимптотикалык баалоолорго ээ болот.

Төмөндөгүдөй баалоолорго ээ болобуз:

$|J(t)|\le M_{12}\varepsilon,\ t\in D^2;$

$|J(t)|\le N_{13}\varepsilon^{1-\beta},\ t\in D^4\cup D^6.$

Кийинки баалоолорду жүргүзүүнүн алдында алгач $t \in (p_{02}) \cup (p_{01})$ үчүн (3.3.1) теңдеменин чечими үчүн баалоону жүргүзүү максатка ылайыктуу болот. Ал үчүн $-t_0$, $t \in (p_{02}) \cup (p_{01})$ чекиттерин туташтырган ийиринин узундугун s деп белгилесек, анда удаалаш жакындашуулар үчүн төмөндөгүдөй баалоолорду алууга болот:

$$|x_2| \le M_{11} + M_{11} M_{14} s,$$

$$|x_3| \le M_{11} + M_{11} \cdot \frac{(M_{14}s)^2}{2!}, \qquad (3.3.3)$$

$$\dots \; \dots \; \dots,$$

$$|x_m| \le M_{11}\left(1 + \dots + \frac{(M_{14}s)^{m-1}}{(m-1)!}\right), \; m = 1,2,\dots .$$

(3.3.1) баалоодон

$|x_m| \le M_{11} \exp(M_{14}s) \le M_{11} \exp(M_{14}s_0)$ келип чыгат.

$$|x_m| \le M_{11} \exp(M_{14}s) \le M_{11} \exp(M_{14}s_0) \le M_0$$

барабарсыздык аткарылат деп эсептейбиз. Бул шарт аткарылганда $f(t,x)$ үчүн (U3.1.1) шарт аткарылат. Удаалаш жакындашуулардын бир калыпта жыйналуучулугу мурда каралган учурдагыдай эле далилденет.

Демек, $\forall t \in (p_{01}) \cup (p_{02})$ үчүн (3.3.1) теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап ал үчүн

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_5 \le M_0, \; t \in (p_{01}) \cup (p_{02}), \qquad (3.3.4)$$

баалоо туура болот.

$t \in \overset{8}{\cup} D_j$ ($j = 1,2,\dots 8$) үчүн (3.3.1) теңдемеде төмөндөгүдөй өзгөртүүнү аткаралы

$$x(t,\varepsilon)=x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)+\int_{-t_0}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau=x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)+$$

$$+\int_{-t_0}^{\tilde t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau+\int_{\tilde t}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau=$$

$$=\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)\left[x^0\exp\left(\frac{F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)+\int_{-t_0}^{\tilde t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(\tilde t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\right]+$$

$$+\int_{\tilde t}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\,.$$

Акыркы алынган туюнтмадагы [...] кашаанын ичиндеги туюнтма (3.3.1) теңдеменин $\tilde t\in(p_{01})\cup(p_{02})$ болгондогу $x(\tilde t,\varepsilon)$ чечими болуп эсептелет. Муну эске алсак

$$x(t,\varepsilon)=x(\tilde t,\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)+\int_{\tilde t}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\,, \qquad (3.3.5)$$

теңдемеге ээ болобуз.

(3.3.5) теңдемеге удаалаш жакындаштыруу методун колдонобуз. Удаалаш жакындаштырууларды төмөндөгүдөй аныктайбыз

$$x_n=x(\tilde t,\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)+\int_{\tilde t}^{t}[h(\tau)+f(\tau,x_{n-1})]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\,, \qquad (3.3.6)$$

$x_0(t,\varepsilon)\equiv 0$, $n=1,2,\ldots$.

(3.3.6) да $t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8$ үчүн $|x(\tilde t,\varepsilon)|\le M_{15}$ жана $\left|\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)\right|\le O(1)$,

$t\in D^2\cup D^3\cup D^4\cup D^6$ болгондо $\left|\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde t)}{\varepsilon}\right)\right|=\exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t)}{\varepsilon}\right)\le\exp\ln\varepsilon=O(\varepsilon^n)$,

$n\in N$. Тандалган жол боюнча $\operatorname{Re}F(t)$ кемүүчү болгондуктан $|x_1|$ деги интеграл чектелген болот. $t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8$ болгондо

$$\forall n\in N\ \ (|x_n|\le M_{16}), \qquad (3.3.7)$$

баалоону алсак болот. $t \in D^2 \cup D^3 \cup D^4 \cup D^6$ болсо $|x_1| \le M_{16} w(t,\varepsilon)$, мында $w(t,\varepsilon) = \begin{cases} \varepsilon, t \in D^2 \cup D^3, \\ \varepsilon^{1-p}, t \in D^4 \cup D^6, \end{cases}$ баалоо туура болот (мындай баалоо [] эмгектерде да алынгандыктан толук далилдөөнү келтирбейбиз). Калган жакындашууларды баалоодо биринчи жакындашуу аныктоочу болгондуктан төмөндөгү баалоонун тууралыгы келип чыгат

$$\forall n \in N \ \left(|x_n(t,\varepsilon)| \le M_{16} w(t,\varepsilon) \right),$$

мында $w(t,\varepsilon) = \begin{cases} \varepsilon, t \in D^2 \cup D^3; \\ \varepsilon^{1-p}, t \in D^4 \cup D^6. \end{cases}$.

Удаалаш жакындашуулардын жыйналуучулугу §3.1 дегидей эле далилденет. Натыйжада (3.3.6) же (3.3.1) теңдеменин чечими үчүн

$$|x(t,\varepsilon)| \le M_{16} w_1(t,\varepsilon), \tag{3.3.8}$$

баалоого ээ болобуз, мында

$$w_1(t,\varepsilon) = \begin{cases} 1, \ t \in D^1 \cup D^5 \cup D^7 \cup D^8; \\ \varepsilon, \ t \in D^2 \cup D^3; \\ \varepsilon^{1-\beta}, \ t \in D^4 \cup D^6. \end{cases}$$

Төмөндөгүдөй теорема далилденди.

Теорема 3.3.1. (3.3.1) теңдеме берилсин, U3.3.1 шарт аткарылсын, анда $D_1 \subset D$ облас жана бул область аныкталган (3.3.1) теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап, бул чечим үчүн (3.3.8) баалоо туура болот.

Бул теоремадан төмөндөгүдөй ырастоонун тууралыгы келип чыгат: Кичине козголуу болгон учурда жана U3.3.1 шартта $(-t_0)$ ду сол жака жылдыруудан туруктуулук шарт өзгөргөндө, туруктуулуктун жоюлушунун интервалы өзгөрбөйт. D^1 областы бир нече катмарларга бөлүнөт, айрым катмарлар ЧКА ($D^1 \cup D^5 \cup D^7 \cup D^8$), айрымдары өтмө аймактар $\left(D^4 \cup D^6\right)$, айрымдары стабилдүү аймактар $(D^2 \cup D^3)$ болушат (кичине козголуу болбогон учурда өтмө аймактар болбойт жана стабилдүү аймакта чечим үчүн $O(\varepsilon^n)$, $n \in N$ баалоо туура болот).

Эми (3.3.1) теңдемени U3.3.2 шартта карайлы.

U3.3.2. U3.1.1, U3.1.2, U3.1.4, U3.1.5, U3.1.6 шартар аткарылсын. $\lambda(t)$ өздүк мааниси, T_0 чекитинде жөнөкөй нөлгө ээ болсун жана бул нол чыныгы окто жатсын.

Бул шартта U3.1.5 шартын эске алсак $T_0 \in [-t_0, t_0]$ болсо, анда $T_0 = 0$ болууга тийиш. Кийинки изилдөөлөрдө ушундай деп эсептейбиз. §3.1 де коюлган негизги маселе өзгөрүүсүз калат. маселени чечүү үчүн жогорудагыдай эле $F(t) = \int\limits_{-t_0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$, $F_0(t) = \int\limits_{0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$ функцияларды карайбыз.

$\operatorname{Re} F_0(t)$ функциянын

$$(p_0) = \{t \in D, \operatorname{Re} F_0(t) = 0\}$$

деңгээл сызыгы $(0;0)$ чекитинде бутактанат жана D областын төрт секторго бөлөт (Сүрөт 3.3.5) $(\Omega_j, j = 1,2,3,4)$.



Сүрөт 3.3.5 D областынын секторлорго бөлүнүшү

U3.1.5 шартты колдонуу аркылуу төмөндөгү катыштардын орун аларын далилдөөгө болот

$$\forall t \in \Omega_1 \cup \Omega_3 \left(\operatorname{Re} F_0(t) \geq 0\right),$$

$$\forall t \in \Omega_2 \cup \Omega_4 \left(\operatorname{Re} F_0(t) \leq 0\right). \qquad (3.3.9)$$

Барабардык белгилер (p_{01}), (p_{02}) бутактарда гана орун алат. Изилдөөлөр көрсөткөйдөй (3.3.1) теңдеменин чечимин чектелген болушу $\operatorname{Re} F_0(t)$ функция өспөөчү жолдордун жашашы камсыз кылат. (3.3.1) теңдеменин чечимин асимптотикалык жүрүшүн изилдөөдө жогорудагы методдор колдонулуп, баалоолор, эсептөөлөр кайталангандыктан, аларга токтолбостон $\operatorname{Re} F_0(t)$ функция өспөөчү болгон жолдорду жана аларга жараша чечимди ТО көрсөтөбүз.

$\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ областарын карайлы. (3.3.9) шартка ылайык $(-t_0, 0)$ чекитинен $\operatorname{Re} F_0(t)$ өспөөчү болгон жолдор жашайт. Мисалы, $\forall t \in \Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ үчүн жолду сүрөттөгүдөй тандаса тандаса болот. Жолдорду мындай тандоо менен Ω_3 секторун чектеген (p_{01}) жана (p_{02}) бутактарга чейин жете алабыз.

Эгерде $t \in \Omega_3$ болсо, анда (p_{01}) же (p_{02}) бутактардан t чекитин туташтырып, $\operatorname{Re} F_0(t)$ өспөөчү болгон, жол жашабайт (Сүрөт 3.3.6)



Сүрөт 3.3.6 Жолдордун тандалышы

Демек, чечим $\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ областарында чектелген болот. Ал эми (p_{01}), (p_{02}) бутактарынын Ω_3 секторун чектеген катмары ЧКС, ал эми $\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_3$ областын калган бөлүктөрү ТО болот (Сүрөт 3.3.7)



Сүрөт 3.3.7 Ω_3 секторуна жол



Сүрөт 3.3.8 ЧКО, ТО

Жыйынтык: Каралып жаткан учурда туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу орун албайт.

Айрым учурларда, $\lambda(t)$ өздүк мааниси, D областа полюстарга ээ болгондо, туруктуулуктун жоюлушунун узартылышы жана бул кубулуш орун алган интервалды узартуу мүмкүнчүлүктөр [57]эмгекте каралган.

Эгерде $\lambda(t)$ өздүк мааниси жорума бөлүктөн турса, анда бүткүл сан огу туруктуу болот. Мындай учур [] каралган.

3 - бап боюнча корутунду

Эгерде өздүк маанинин нөлү жок болсо, анда кичине козголуунун таасири байкалбайт. Тактап айтканда туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушу орун алат.

Ал эми өздүк маанинин нөлү тегиздикте жатса, кичине козголуу жок болсо, анда туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушу орун алып, $t \in [-t_0, t_0]$ аралыгында $(-t_0)$ сол жакка карай жылдыруу менен, (t_0) оң жакка карай жылып, тартылуу областын кеңейтирүүгө болот. Кичине козголуу бар болсо, туруктуулуктун узартылыш кубулушу орун алып, бирок бул учурда туруктуулуктун жоюлушунун интервалы өзгөрбөйт.

Өздүк маанин нөлү сан огунда жатса, анда кичине козголуу болбосо, туруктуулуктун жоголушунун узартылыш кубулушу орун алып, $t \in [-t_0, t_0]$ аралыгында $(-t_0)$ сол жакка карай жылдыруу менен, (t_0) оң жакка карай жылып, тартылуу областын кеңейтирүүгө болот. Кичине козголуу бар болсо, туруктуулуктун жоголуусунун узартылыш кубулуу орун албайт.

Кичине козголуу жок болуп, бирок деңгээл сызыктар тегиздикте жана сан огунда бутактанып же бутактанбаган учурлардагы туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу орун алары далилденди. Ага ылайык интервалды кеңейтирип алууга болору көрсөтүлүп, мисалдар келтирилди.

4 БАП. ЭКИ ЭСЕЛҮҮ ӨЗДҮК МААНИ

§4.1. Эки эселүү комплекстүү өздүк маани

$$\varepsilon x'(t,\varepsilon) = D(t)x(t,\varepsilon) + \varepsilon[h(t) + f(t, x(t,\varepsilon))], \tag{4.1.1}$$

$$x(-t_0,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\,,\ \|x^0(\varepsilon)\| = O(\varepsilon), \tag{4.1.2}$$

карайлы. Мында $0 < \varepsilon << 1$ - кичине параметр, $[-t_0, t_0]$ - чыныгы октогу кесинди, $h(t) = colon(h_1(t), h_2(t))$, $x(t,\varepsilon) = colon(x_1(t,\varepsilon), x_2(t,\varepsilon))$, $x(t,\varepsilon)$ - изделүүчү белгисиз функция, $x(t_0,\varepsilon) = colon(x_1^0(\varepsilon), x_2^0(\varepsilon))$, $D(t) = \begin{pmatrix} \lambda(t) & 0 \\ 0 & \lambda(t) \end{pmatrix}$, $f(t,x) = colon(f_1(t,x), f_2(t,x))$.

Төмөнкү шарттар аткарылсын:

U 4.1.1. $\forall(t,x) \in H_0$: $f(t,x) \in \Phi(S_r)$, $\Phi(S_r)$ - аналитикалык функциялардын мейкиндиги, $f(t,0) \equiv 0$; $\|f(t,\tilde{x}) - f(t,\tilde{\tilde{x}})\| \le M \cdot \|\tilde{x} - \tilde{\tilde{x}}\|$ мында $0 < M$ - кандайдыр бир ε - көз каранды эмес туррактуу сан.

U4.1.2. U3.1.2, U3.1.4, U3.1.5, U3.1.6 шарттар аткарылсын. $\lambda(t)$ өздүк мааниси тегиздикте жөнөкөй нөлгө ээ болсун.

(4.1.1) системасынан $\varepsilon = 0$ болгон учурда

$$D(t)\tilde{x}(t,0) = 0\,. \tag{4.1.3}$$

Негизги маселе: U4.1.1, U4.1.2 шартта (4.1.1)-(4.1.2) маселенин чечими болгон $x(t,\varepsilon)$ функциясынын асимптотикасын D_1 областында баалоо.

Кичине козголуу $\varepsilon h(t)$ чечимдин туруктуулугунун жоголушунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири изилденет.

I. Кичине козголуу $\varepsilon h(t) \ne 0$ болсун.

$F(t) = \int\limits_{-t_0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$ $F_0(t) = \int\limits_{T_0}^{t} \lambda(\tau)d\tau$ функцияларды аныктайлы. Анда

$F(t) = F_0(t) - F_0(-t_0)$ болот. $F_0(t)$ функция $t = T_0$ чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот. Бул чекитте $\operatorname{Re}F(t)$, $\operatorname{Im}F(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары бутактанат. (§3.2, Сүрөт 3.3.1).

Жалпылыкты бузбастан (p_0) дун бутактары $(-t_0,0)$, $(t_0,0)$ чекиттери аркылуу өтөт деп эсептейли. (p_0) деңгээл сызыгынын бутактары жана $[-t_0,t_0]$ кесинди менен чектелген областы D_1 деп белгилейли.

$(p_0^{-\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Re}F_0(t) = \varepsilon \ln \varepsilon\}$ деңгээл сызыгын аныктайлы. (p_0) дун бутактары жана $(p_0^{-\varepsilon})$ деңгээл сызыгы менен чектелген областы $D_{1\varepsilon}$, $D_1 \setminus D_{1\varepsilon} = D_{11}$ деп белгилейли (§3.2, Сүрөт 3.3.2).

(p_{01}) бутактан $A_1(+\gamma_1\varepsilon^\beta, -T_{02} + \gamma_2\varepsilon^\beta)$, (p_{02}) бутактан $A_2(-\gamma_3\varepsilon^\beta, -T_{02} + \gamma_4\varepsilon^\beta)$ чекиттерди алалы, мында γ_j - ε дон көз каранды эмес, кандайдыр бир оң сандар, $0 < \beta < 1$.

$$(q_{1\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Im}F_0(t) = \operatorname{Im}F_0((\gamma_1 + i(-T_{02} + \gamma_2))\varepsilon^\beta\},$$

$$(q_{2\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Im}F_0(t) = \operatorname{Im}F_0((-\gamma_2 + i(-T_{02} + \gamma_4)\varepsilon^\beta)\},$$

деңгээл сызыктарын жүргүзөлү. (Сүрөт 3.3.3).

$(q_{1\varepsilon})$, $(q_{2\varepsilon})$ сызыктар $(p_0^{-\varepsilon})$ сызыгы менен тиешелеш түрдө $A_3(\gamma_5 + i(\gamma_6 + T_{02})\varepsilon^\beta)$, $A_4(-\gamma_7 + i(\gamma_8 - T_{02})\varepsilon^\beta)$ (γ_j $(j = 5,6,7,8) > 0)$ сандар) чекиттерде кесилишсин (§3.2, Сүрөт 3.3.3).

Бул деңгээл сызыктар жана жогоруда аныкталган деңгээл сызыктар аркылуу D_1 областы бир нече бөлүктөргө бөлүнөт (§3.2, Сүрөт 3.3.4).

$$(p_1) = \{t \in D_1, \operatorname{Re}F_0(t) = p_1 - const \wedge \varepsilon \text{ дөн көз каранды эмес}\},$$

$$(q_1) = \{t \in D_1, \operatorname{Im}F_0(t) = q_1 - const \wedge \varepsilon \text{ дөн көз каранды эмес}\},$$

деңгээл сызыктарын аныктайлы.

$[-t_0, T_{10}]$ - кесинди, (p_{02}) $[-t_0, A_6]$, (q_1) $[A_6, A_7]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_7, T_{10}]$ менен чектелген область D^1; $[T_{10}, T_{11}]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{10}, A_7]$, (q_1) $[A_7, A_8]$, (p_1) $[A_8, T_{11}]$ аркылуу чектелген область D^2; $[T_{11}, T_{12}]$ - кесинди (p_1) $[T_{11}, T_{12}]$ менен чектелген область D^3; $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_7, A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4, A_5]$, (p_1) $[A_5, A_8]$, (q_1) $[A_7, A_8]$ лер менен чектелген область D^4; (p_{02}) $[A_6, A_3]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_3, A_4]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_4, A_7]$, (q_1) $[A_7, A_6]$ чектеген область D^5; $[T_{12}, T_{13}]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{13}, A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4, A_5]$, (p_1) $[A_5, T_{12}]$ чектеген область D^6 ; (p_{02}) $[A_3, -T_{02}]$, (p_{01}) $[-T_{02}, A_1]$, $(q_{1\varepsilon})$ $[A_1, A_2]$, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[A_2, A_4]$, $(q_{2\varepsilon})$ $[A_4, A_3]$ чектеген область D^7; (p_{01}) $[A_1, t_0]$, $[T_{13}, t_0]$ - кесинди, $(p_0^{-\varepsilon})$ $[T_{13}, A_2]$, $(q_{1\varepsilon})$ $[A_2, A_1]$ - чектеген область D^8 болсун.

(4.1.1)-(4.1.2) маселесин интегралдык теңдеме менен алмаштырабыз:

$$x(t,\varepsilon) = x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{-t_0}^{t} D(s)ds\right) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t} D(s)ds\right)\cdot\left[h(\tau) + f(\tau, x(\tau,\varepsilon))\right]d\tau . \qquad (4.1.4)$$

(4.1.4) маселесин скалярдык формада жазалы:

$$x_1(t,\varepsilon) = x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t) - F(\tau)\right)\right)\cdot h_1(\tau)d\tau +$$

$$+ \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t) - F(\tau)\right)\right)\cdot f_1(\tau, x_1(\tau,\varepsilon), x_2(\tau,\varepsilon))d\tau , \qquad (4.1.5)$$

$$x_2(t,\varepsilon) = x_2^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t) - F(\tau)\right)\right)\cdot h_2(\tau)d\tau +$$

$$+ \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t) - F(\tau)\right)\right)\cdot f_2(\tau, x_1(\tau,\varepsilon), x_2(\tau,\varepsilon))d\tau .$$

(4.1.5) маселесин удаалаш жакындашуу усулунун жардамында чечебиз. Удаалаш жакындашууларды төмөнкүчө аныктайбыз:

$$x_{10}(t,\varepsilon) \equiv 0,$$

$$x_{20}(t,\varepsilon) \equiv 0,$$

$$x_{11}(t,\varepsilon) = x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot h_1(\tau)d\tau\,,$$

$$x_{21}(t,\varepsilon) = x_2^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot h_2(\tau)d\tau\,, \qquad (4.1.6)$$

$$x_{1n}(t,\varepsilon) = x_{11}(t,\varepsilon) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_1(\tau, x_{1n-1}(\tau,\varepsilon), x_{2n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau\,,$$

$$x_{2n}(t,\varepsilon) = x_{21}(t,\varepsilon) + \int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_2(\tau, x_{1n-1}(\tau,\varepsilon), x_{2n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau\,,$$

мында $n \in N$.

(4.1.6) жакындашууларды D^j ($j = 1,...,8$) областарда баалайлы. Баардык жакындашуулар үчүн интегралдоонун жолдору бирдей болот: жол $(p_{02})\cup(p_{01})[-t_0,\tilde{t}\,]$, (q) $[\tilde{t},t]$ бөлүктөрдөн турат.

1). $t \in D^1 \cup D^5 \cup D^7 \cup D^8$ болсо, биринчи жакындашууда $x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)$ мүчө аныктоочу, ал эми $\int_{-t_0}^{t} h_1(\tau)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau$ мүчө чектелген болот. Натыйжада

$|x_1| \le M_{11}$, $t \in D^1 \cup D^5 \cup D^7 \cup D^8$,

баалоого ээ болобуз.

2). $t \in D^2 \cup D^4 \cup D^6$ болсун. Бул учурда $x^0\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)$ мүчө ε^n ($n \in N$) тартипте болуу менен мааниге ээ болбойт. Ал эми $J_1(t) = \int_{-t_0}^{t} h_1(\tau)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau$ мүчө аныктоочу болуу менен бул областардын ар биринде түрдүүчө асимптотикалык баалоолорго ээ болот.

Төмөндөгүдөй баалоолорго ээ болобуз:

$|J_1(t)| \le M_{12}\varepsilon$, $t \in D^2$;

$$\left|J_1(t)\right| \le N_{13}\varepsilon^{1-\beta},\ t \in D^4 \cup D^6.$$

Аналогиялуу түрдө

$$\left|J_2(t)\right| \le M_{12}\varepsilon,\ t \in D^2;$$

$$\left|J_2(t)\right| \le N_{13}\varepsilon^{1-\beta},\ t \in D^4 \cup D^6.$$

мында $J_2(t) = \int\limits_{-t_0}^{t} h_2(\tau)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau$.

Кийинки баалоолорду жүргүзүүнүн алдында алгач $t \in (p_{02}) \cup (p_{01})$ үчүн (4.1.4) теңдеменин чечими үчүн баалоону жүргүзүү максатка ылайыктуу болот. Ал үчүн $-t_0$, $t \in (p_{02}) \cup (p_{01})$ чекиттерин туташтырган ийиринин узундугун s деп белгилесек, анда удаалаш жакындашуулар үчүн төмөндөгүдөй баалоолорду алууга болот:

$$\left\|x_2(t,\varepsilon)\right\| \le M_{11} + M_{11}M_{14}s,$$

$$\left\|x_3(t,\varepsilon)\right\| \le M_{11} + M_{11}\cdot\frac{(M_{14}s)^2}{2!}, \tag{4.1.7}$$

$$\dots\ \dots\ \dots,$$

$$\left\|x_n(t,\varepsilon)\right\| \le M_{11}\left(1+\dots+\frac{(M_{14}s)^{n-1}}{(n-1)!}\right),\ n=1,2,\dots.$$

(4.1.7) баалоодон

$$\left\|x_n(t,\varepsilon)\right\| \le M_{11}\exp(M_{14}s) \le M_{11}\exp(M_{14}s_0),$$

келип чыгат.

$$\left\|x_n(t,\varepsilon)\right\| \le M_{11}\exp(M_{14}s) \le M_{11}\exp(M_{14}s_0) \le M_0$$

барабарсыздык аткарылат деп эсептейбиз. Анда $f(t,x)$ функциясы үчүн (U4.1.1) шарты аткарылат. Удаалаш жакындашуулардын бир калыпта жыйналуучулугу мурда каралган учурдагыдай эле далилденет.

Демек, $\forall t \in (p_{01}) \cup (p_{02})$ үчүн (4.1.4) теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап ал үчүн

$$\|x(t,\varepsilon)\| \le M_5 \le M_0, \; t \in (p_{01}) \cup (p_{02}), \tag{4.1.8}$$

баалоо туура болот.

$t \in \overset{8}{\cup} D_j$ $(j = 1,2,...8)$ үчүн (4.1.4) теңдемеде төмөндөгүдөй өзгөртүүнү аткаралы

$$x_1(t,\varepsilon) = x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) + \int_{-t_0}^{t} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau = x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right) +$$

$$+ \int_{-t_0}^{\tilde{t}} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau + \int_{\tilde{t}}^{t} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau =$$

$$= \exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)\left[x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right) + \int_{-t_0}^{\tilde{t}} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(\tilde{t})-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau\right] +$$

$$+ \int_{\tilde{t}}^{t} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau .$$

Акыркы алынган туюнтмадагы $[...]$ кашаанын ичиндеги туюнтма (4.1.4) теңдеменин биринчи компонентасынын $\tilde{t} \in (p_{01}) \cup (p_{02})$ болгондогу $x_1(\tilde{t},\varepsilon)$ чечими болуп эсептелет. Муну эске алсак

$$x_1(t,\varepsilon) = x_1(\tilde{t},\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right) + \int_{\tilde{t}}^{t} [h_1(\tau) + f_1(\tau,x)]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau , \tag{4.1.9}$$

теңдемеге ээ болобуз.

(4.1.9) теңдемеге удаалаш жакындаштыруу методун колдонобуз. Удаалаш жакындаштырууларды төмөндөгүдөй аныктайбыз

$$x_{1n}(t,\varepsilon)=x_1(\tilde{t},\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)+\int\limits_{\tilde{t}}^{t}[h_1(\tau)+f_1(\tau,x_{n-1})]\exp\left(\frac{F(t)-F(\tau)}{\varepsilon}\right)d\tau, \tag{4.1.10}$$

$x_{10}(t,\varepsilon)\equiv 0$, $n=1,2,\ldots$.

(4.1.10) да $t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8$ үчүн $|x_1(\tilde{t},\varepsilon)|\le M_{15}$ жана $\left|\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)\right|\le O(1)$, $t\in D^2\cup D^3\cup D^4\cup D^6$ болгондо $\left|\exp\left(\frac{F(t)-F(\tilde{t})}{\varepsilon}\right)\right|=\exp\left(\frac{\operatorname{Re}F(t)}{\varepsilon}\right)\le \exp\ln\varepsilon=O(\varepsilon^n)$, $n\in N$. Тандалган жол боюнча $\operatorname{Re}F(t)$ кемүүчү болгондуктан $|x_1(t,\varepsilon)|$ деги интеграл чектелген болот. $t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8$ болгондо

$$\forall m\in N\ \left(|x_{1n}(t,\varepsilon)|\le M_{16}\right), \tag{4.1.11}$$

баалоону алсак болот. $t\in D^2\cup D^3\cup D^4\cup D^6$ болсо $|x_1(t,\varepsilon)|\le M_{16}w(t,\varepsilon)$, мында $w(t,\varepsilon)=\begin{cases}\varepsilon, t\in D^2\cup D^3,\\ \varepsilon^{1-p}, t\in D^4\cup D^6,\end{cases}$ баалоо туура болот (мындай баалоо [] эмгектерде да алынгандыктан толук далилдөөнү келтирбейбиз). Калган жакындашууларды баалоодо биринчи жакындашуу аныктоочу болгондуктан төмөндөгү баалоонун тууралыгы келип чыгат

$\forall m\in N\ \left(|x_{1n}(t,\varepsilon)|\le M_{16}w(t,\varepsilon)\right)$,

мында $w(t,\varepsilon)=\begin{cases}\varepsilon, t\in D^2\cup D^3;\\ \varepsilon^{1-p}, t\in D^4\cup D^6.\end{cases}$.

Удаалаш жакындашуулардын жыйналуучулугу §3.1 дегидей эле далилденет. Натыйжада (4.1.10) же (4.1.4) теңдеменин чечими үчүн

$$|x_1(t,\varepsilon)|\le M_{16}w_1(t,\varepsilon), \tag{4.1.12}$$

баалоого ээ болобуз, мында

$$w_1(t,\varepsilon)=\begin{cases}1,\ t\in D^1\cup D^5\cup D^7\cup D^8;\\ \varepsilon,\ t\in D^2\cup D^3;\\ \varepsilon^{1-\beta},\ t\in D^4\cup D^6.\end{cases}$$

Аналогиялуу түрдө (4.1.12) баалоосу $|x_2(t,\varepsilon)|$ үчүн да орун алат.

Теорема далилденди.

Теорема 4.1.1. (4.1.4) теңдеме берилип, U4.1.1 шарт аткарылсын. Анда $D_1\subset D$ областа (4.1.4) теңдеменин $x(t,\varepsilon)$ чечими жашап, бул чечим үчүн (4.1.12) баалоо туура болот.

Мисалдар. 1).Комплекстүү эки эселүү $\lambda(t)=t+i$ өздүк мааниси, U4.1.2 шартын канаатандырып, тегиздикте жөнөкөй нөлгө ээ болот. Баштапкы чекит $t_0=-1$ чекити алынса, (4.1.1)-(4.1.2) маселесинин чечими $t=[t_0,T]=[-1,1]$ кесиндисинде изилденет. Тегиздиктин $(0,-1)$ чекити өздүк маанинин жөнөкөй нөлү.

2). $\lambda(t)=t-i$ эки эселүү комплекстүү өздүк мааниси, тегиздиктин $(0,1)$ чекитинде жөнөкөй нөлгө ээ болуп, U4.1.1 шартын канааттандырат.

II. Кичине козголуу $\varepsilon h(t)=0$ болсун.

(4.1.1)-(4.1.2) маселесинин чечимин кичине козголуу жок болгон учурда жазып:

$$x(t,\varepsilon)=x^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{-t_0}^{t}D(s)ds\right)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\int_{\tau}^{t}D(s)ds\right)\cdot f\left(\tau,x(\tau,\varepsilon)\right)d\tau\,. \qquad (4.1.13)$$

(4.1.13) маселесин скалярдык формада жазалы:

$$x_1(t,\varepsilon)=x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{F(t)}{\varepsilon}\right)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_1(\tau,x_1,x_2)d\tau\,,$$

$$x_2(t,\varepsilon)=x_2^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_2(\tau,x_1,x_2)d\tau\,. \qquad (4.1.14)$$

(4.1.14) маселесин удаалаш жакындашуу усулунун жардамында чечебиз. Удаалаш жакындашууларды төмөнкүчө аныктайбыз:

$$x_{10}(t,\varepsilon)\equiv 0,$$

$$x_{20}(t,\varepsilon)\equiv 0,$$

$$x_{11}(t,\varepsilon)=x_1^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right),$$

$$x_{21}(t,\varepsilon)=x_2^0(\varepsilon)\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}F(t)\right), \qquad (4.1.15)$$

$$x_{1n}(t,\varepsilon)=x_{11}(t,\varepsilon)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_1(\tau,x_{1n-1}(\tau,\varepsilon),x_{2n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau,$$

$$x_{2n}(t,\varepsilon)=x_{21}(t,\varepsilon)+\int_{-t_0}^{t}\exp\left(\frac{1}{\varepsilon}\left(F(t)-F(\tau)\right)\right)\cdot f_2(\tau,x_{1n-1}(\tau,\varepsilon),x_{2n-1}(\tau,\varepsilon))d\tau,$$

мында $n\in N$.

T_0 чекити $\lambda(t)$ функциясынын жөнөкөй нөлү болсун б.а. $\lambda(T_0)=0 \wedge \lambda'(T_0)\neq 0$, $D=\{t\in C,|t|<r_0\}$ деп алалы. $T_0=T_{10}-iT_{20}$ ($T_{20}>0$) деп эсептейли. $F(t)=\int_{-t_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$, $F_0(t)=\int_{T_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$ функцияларын аныктайлы.

$F(t)=F_0(t)-F(-t_0)$ барабардыгы туура болот. Барабардык $\int_{-t_0}^{t}\lambda(\tau)d\tau$ интегралга Кошинин теоремасын колдонуудан келип чыгат. $F_0(t)$ функциясы T_0 чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот жана

$$(p_0)=\{t\in D,\operatorname{Re}F_0(t)=0\},$$

деңгээл сызыгы бул чекитте бутактанат. Бутактар чыныгы окту $(-t_0;0)$, $(t_0;0)$ чекиттерде кесип өтөт десек, каралып өткөн учурга келебиз (Сүрөт 3.2.9).

(3.2.9) сүрөттөн кийин (p_0) - деңгээл сызыгынын бутактары жана $[-t_0, t_0]$ - кесиндиси менен чектелген областы D_1 деп белгилейли.

$$(p_{-\varepsilon}) = \{t \in D_1, \operatorname{Re} F_0(t) = -\varepsilon \ln \varepsilon\}$$

деңгээл сызыгы аркылуу $D_{1\varepsilon}$, D_{11} бөлүктөргө бөлөлү (Сүрөт 3.2.10).

(4.1.13) теңдемени D_1 областа жана чечимдин жашашын далилдөө, аны баалоону жүргүзүү үчүн интегралдоо жолдорун тандайбыз. Интегралдоонун жолу $(p_0)[t_0, \tilde{t}]$, $(q)[\tilde{t}, t]$ турат.

Мурда жүргүзүлгөн эсептөөлөрдү (4.1.15) удаалаш жакындашууларына кайталоо менен (4.1.13) теңдеменин чечими үчүн төмөнкү баалоону алабыз

$$\|x(t,\varepsilon)\| \le M_6 \exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right),$$

же

$$\|x(t,\varepsilon)\| \le M_6 \begin{cases} 1, \ t \in D_{1\varepsilon} \cup (p_0), \\ \varepsilon^n, \ \ t \in D_{11}. \end{cases} \qquad (4.1.16)$$

Төмөндөгүдөй теорема далилденди.

Т.4.1.2. U4.1.1-U4.1.2 шарттары аткарылсын. Анда кичине козголуу жок болгон учурда (4.1.1) – (4.1.2) маселесинин чечими жашап жалгыз болуп, (4.1.16) баалоосу орун алат.

Мисалдар. 1).Комплекстүү эки эселүү $\lambda(t) = t + i$ өздүк мааниси, U4.1.2 шартын канаатандырып, тегиздикте жөнөкөй нөлгө ээ болот. Баштапкы чекит $t_0 = -1$ чекити алынса, (4.1.1)-(4.1.2) маселесинин чечими $t = [t_0, T] = [-1,1]$ кесиндисинде изилденет. Тегиздиктин $(0,-1)$ чекити өздүк маанинин жөнөкөй нөлү. Мында $\varepsilon h(t) = 0$. $[-t_0, t_0]$ - аралыгын кеңейтирүү мүмкүнчүлүгү болот.

2). $\lambda(t) = t - i$ эки эселүү комплекстүү өздүк мааниси, тегиздиктин $(0,1)$ чекитинде жөнөкөй нөлгө ээ болуп, U4.1.1 шартын канааттандырат, кичине козголуу нөл болгон учурда $[-t_0, t_0]$ - аралыгын кеңейтирүүгө болот.

§4.2. Эки эселүү чыныгы өздүк маани

U4.2.1. U3.1.2, U3.1.4, U3.1.5, U3.1.6 шарттар аткарылсын. $\lambda(t)$ өздүк мааниси $t = T_0$ чекитинде сан огунда жаткан жөнөкөй нөлгө ээ болсун.

Кичине козголуу $\varepsilon h(t)$ чечимдин туруктуулугунун узартылыш кубулушуна тийгизген таасири изилденет.

I. Кичине козголуу $\varepsilon h(t) \equiv 0$ болсун.

$T_0 \equiv 0$ деп эсептейли. $F(t) = \int_{-t_0}^{t} \lambda(\tau) d\tau$, $F_0(t) = \int_{0}^{t} \lambda(\tau) d\tau$ функцияларды аныктайлы. Жогоруда белгиленгендей $F(t) = F_0(t) - F_0(-t_0)$, барабардык орун алат. $F_0(t)$ функция $t = 0$ чекитинде эки эселүү нөлгө ээ болот жана бул чекитте $\operatorname{Re} F_0(t)$, $\operatorname{Im} F_0(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары бутактанат.

$F_0(t)$ функциясы U3.1.4 шартка ылайык D областында жалгыз гана (T_0) нөлгө ээ болгондуктан, $\operatorname{Re} F_0(t)$, $\operatorname{Im} F_0(t)$ функциялардын деңгээл сызыктары D областынын чек арасына жакындайт.

(p_0) деңгээл сызыктарынын бутактары $((p_{01}),(p_{02}))$ аркылуу D_1 областы төрт секторго бөлүнөт.

Областардын бөлүнүшү, алардын чиймелери §3.2 параграфында берилген.

(4.1.4) теңдемеге удаалаш жакындашуу методун колдонобуз. Удаалаш жакындашууларды баалоо жана алардын жыйналуучулугун далилдөө үчүн интегралдоо жолдорун тандайбыз. Интегралдоо жолдорун $(p(t))$ жана $(q(t))$

деңгээл сызыктарын же (t_0, t) чекиттерин туташтыруучу кесиндилердин жыйындысы катары аныктоого болот.

Бардык жакындашуулар үчүн баалоо өзгөрүүсүз калат. Анда удаалаш жакындашууларды баалоо жана алардын бир калыпта жыйналуучулугун далилдөө аркылуу (4.1.4) теңдеменин чечими үчүн төмөнкүдөй баалоого ээ болобуз.

$$\|x(t,\varepsilon)\| \leq M_6 \exp\left(\frac{\operatorname{Re} F(t)}{\varepsilon}\right),$$

же

$$\|x(t,\varepsilon)\| \leq M_6 \begin{cases} 1, \ t \in D_{01}^{\varepsilon} \cup D_2; \\ \varepsilon^n, \ \ t \in D_{00}. \end{cases} \qquad (4.2.1)$$

Жогоруда төмөнкү теорема далилденди.

Т.4.2.1. Эгерде U 4.1.1, U 4.1.3 шарттары аткарылса, анда кичине козголуу жок болгон учурда (4.1.1)-(4.1.2) маселесинин чечими $-[t_0, t_0]$ аралыгында жашап, жалгыз болуп (4.2.1) баалоосу орун алат.

II. Кичине козголуу $\varepsilon h(t) \neq 0$ болгон учур.

Бул шартта U3.1.5 шартын эске алсак $T_0 \in [-t_0, t_0]$ болсо, анда $T_0 = 0$ болууга тийиш. Кийинки изилдөөлөрдө ушундай деп эсептейбиз. Маселени чечүү үчүн жогорудагыдай эле $F(t) = \int_{-t_0}^{t} \lambda(\tau) d\tau$, $F_0(t) = \int_{0}^{t} \lambda(\tau) d\tau$ функцияларды карайбыз.

$\operatorname{Re} F_0(t)$ функциянын

$$(p_0) = \{t \in D, \operatorname{Re} F_0(t) = 0\}$$

деңгээл сызыгы $(0;0)$ чекитинде бутактанат жана D областын төрт секторго бөлөт (Сүрөт 3.3.5).

U3.1.5 шартты колдонуу аркылуу төмөндөгү катыштардын орун аларын далилдөөгө болот

$$\forall t \in \Omega_1 \cup \Omega_3 \left(\operatorname{Re} F_0(t) \geq 0\right),$$

$$\forall t \in \Omega_2 \cup \Omega_4 \left(\operatorname{Re} F_0(t) \leq 0\right). \tag{4.2.2}$$

Барабардык белгилер (p_{01}), (p_{02}) бутактарда гана орун алат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй (4.1.4) теңдеменин чечимин чектелген болушу $\operatorname{Re} F_0(t)$ функция өспөөчү жолдордун жашашы камсыз кылат. (4.1.4) теңдеменин чечимин асимптотикалык жүрүшүн изилдөөдө жогорудагы методдор колдонулуп, баалоолор, эсептөөлөр кайталангандыктан, аларга токтолбостон $\operatorname{Re} F_0(t)$ функция өспөөчү болгон жолдорду жана аларга жараша чечимди ТО көрсөтөбүз.

$\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ областарын карайлы. (4.2.2) шартка ылайык $(-t_0, 0)$ чекитинен $\operatorname{Re} F_0(t)$ өспөөчү болгон жолдор жашайт. Мисалы, $\forall t \in \Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ үчүн жолду сүрөттөгүдөй тандаса тандаса болот. Жолдорду мындай тандоо менен Ω_3 секторун чектеген (p_{01}) жана (p_{02}) бутактарга чейин жете алабыз.

Эгерде $t \in \Omega_3$ болсо, анда (p_{01}) же (p_{02}) бутактардан t чекитин туташтырып, $\operatorname{Re} F_0(t)$ өспөөчү болгон, жол жашабайт (Сүрөт 3.3.6)

Демек, чечим $\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_4$ областарында чектелген болот. Ал эми (p_{01}), (p_{02}) бутактарынын Ω_3 секторун чектеген катмары ЧКС, ал эми $\Omega_1 \cup \Omega_2 \cup \Omega_3$ областын калган бөлүктөрү ТО болот (Сүрөт 3.3.7)

Жыйынтык: Каралып жаткан учурда туруктуулуктун жоголушунун узартылышы кубулушу орун албайт.

Мисал. Өздүк маани $\lambda(t) = t - 1$ $t \in [0, -1)$ аралыгында $\lambda(t) < 0$, ал эми $t = 1$ болсо $\lambda(1) = 0$, $t \in [1; 2]$ аралыгында $\lambda(t) > 0$. Мында кичине козголуу $\varepsilon h(t) \neq 0$, ал эми D областын H_0 аркылуу белгилеп алдык.

$t = t_1 + it_2$; $\tau = \tau_1 + i\tau_2$ алуу менен комплекстүү тегиздикке көчөбүз. Мында t_1, t_2, τ_1, τ_2 - чыныгы өзгөрүлмөлөр. Анда

$$\int_{t_0}^{t} \lambda(s)ds = \int_{0}^{t} \lambda(s)ds = \frac{t^2}{2} - t = \frac{1}{2}\left[(t-1)^2 - 1\right] = \frac{1}{2}\left[(t_1-1)^2 - t_2^2 - 1\right] + it_2(t_1 - 1),$$

$$u(t_1, t_2) = \mathrm{Re}\int_{0}^{t} \lambda(s)ds = \frac{1}{2}\left[(t_1-1)^2 - t_2^2 - 1\right] = \frac{1}{2}\left[t_1^2 - 2t_1 - t_2^2\right],$$

$$\vartheta(t_1, t_2) = \mathrm{Im}\int_{0}^{t} \lambda(s)ds = t_2(t_1 - 1).$$

$H_0 = \{(t_1; t_2) : \mathrm{Re}\, F(t_1, t_2) \le 0\}$ (Сүрөт 4.2.1.) областында

$$|A_1(t_1, t_2, \varepsilon)| = \left| x^0(\varepsilon) \exp\left(\frac{1}{\varepsilon} \int_{0}^{t_1 + it_2} (s-1)ds \right) \right| = O(\varepsilon).$$



Сүрөт 4.2.1. H_0 областы.

(4.1.5) удаалаш жакындашуулары чектелген чоңдук болуусу үчүн интегралдоо жолдору баштапкы чекиттен акыркы чекитке дейре кемүүчү болуусу керек. Бул шарт интегралдоо жолдоруна коюлган негизги талап болуп эсептелет.

